КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ

email: esep@esep.kg тел: +996 (312) 32 34 30 ФАКС: +996 (312) 32 35 11 Ишеним телефондору: +996 (312) 50 09 85

ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН
ИШИ ЖӨНҮНДӨ

ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

2025

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

www.esep.kg

Бишкек 2026

Ушул отчет “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 100-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 11-беренесине ылайык берилет жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдагы ишин чагылдырат.

Отчеттун мазмуну жана басылманы жайылтуу менен байланышкан маселелер боюнча 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Н. Исанов көчөсү, 131 дареги боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына кайрылса болот. Телефон: +996 (312) 32 34 30, факс: +996 (312) 32 35 11, электрондук почта: esep@esep.kg, веб-сайт: www.esep.kg

Урматтуу окурмандар!

КР Эсептөө палатасы – ишмердүүлүгү мамлекеттин бюджеттик системасынын бюджеттеринин аткарылышына, мамлекеттик жана муниципалдык менчиктин жана башка ресурстардын пайдаланылышына ачык-айкындуулук, мыйзамдуулук, кесипкөйлүк, натыйжалуулук принциптерин жетекчиликке алуу менен жүргүзүүгө багытталган, тышкы мамлекеттик аудитинин көз карандысыз жогорку органы экендигин, анын төрагасы катары баса белгилеймин. Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Конституциясын, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамын, башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле эл аралык келишимдерди жана көз карандысыз аудиттин эл аралык-укуктук принциптерин жетекчиликке алуу менен өз ишин жүргүзүп, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Президентине отчет берет.

2025-жылы Эсептөө палатасынын аудиттин эл аралык стандарттарына негизделген методологиялык базасы жаңыртылып, аудит процесстерин санариптештирүү жана аналитикалык иш-чараларды күчөтүүгө өзгөчө басым жасалып, натыйжалуулук аудитинин ролун күчөтүүгө өзгөчө көңүл бурулду. Жыйынтыгында, аудиторлук жана эксперттик-аналитикалык иш-чаралардын сапатын жогорулатууга жана туруктуу өнүгүүгө өбөлгө түзүлдү.

Күнүмдүк ишибизде объективдүүлүк, кесипкөйлүк жана көз карандысыздык принциптерин жетекчиликке алып, аудитти жөн гана текшерүү эмес, мамлекеттик ресурстарды башкаруунун сапатын жана натыйжалуулугун жакшыртууга багытталган комплекстүү талдоо катары кабыл алабыз. Биздин максат – кемчиликтерди аныктоо менен гана чектелбестен, аларды жоюунун натыйжалуу жолдорун сунуштоо жана негиздүү, натыйжалуу чечим кабыл алууга көмөк көрсөтүү.

Санариптик технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен мамлекеттик чыгымдардын натыйжалуулугун баалоо учурдун маанилүү талабы, анткени, бул мамлекеттик чыгымдардын өлкөнүн социалдык экономикалык өнүгүүсүнө тийгизген реалдуу таасирин талдоого мүмкүнчүлүк берилет.

Биз аналитикалык аспаптарды мындан ары да өркүндөтүүнү, мамлекеттик органдар менен коомчулукту ишенимдүү жана объективдүү маалымат менен камсыздоону улантабыз.

Ачыктык жана айкындуулук биздин ишибиздин негизги принциптери бойдон кала бермекчи. Биз коомчулук менен өз ара аракеттенүүнү активдүү өнүктүрүп, аудиттин жыйынтыктарын коомго жеткиликтүүлүгүн жалпыга маалымдоо каражаттары жана санариптик платформалар аркылуу камсыз кылып жатабыз.

2025-жылы дагы биз, эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүнү уланттык. Эсептөө палатасы өзүнүн 30 жылдык тарыхында тажрыйба алмашуу, эл аралык демилгелерге катышуу жана алдыңкы тажрыйбаларды киргизүү аркылуу улуттук аудит тутумун түптөй алды. Жыйынтыгында, аудиттин натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун жогорулатууга, ошондой эле коррупциялык тобокелдиктерди азайтууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Биз, мамлекетибиздин ресурстарын башкаруунун ачык-айкындуу, жоопкерчиликтүү жана натыйжалуу системасын калыптандырууга биргеликте гана жетише алабыз.

Андыктан, Өлкө башчыбызга, Жогорку Кеңешке, бардык өнөктөштөргө, кесиптештерге жана жарандарга ишеним, колдоо жана кызматташтык үчүн, ыраазычылык билдиребиз.

Урматтоо менен,

Эсептөө палатасынын төрагасы
Алмазбек Акматов

МАЗМУНУ

Кириш сөз 5
1. 2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу 6
2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү 8
2.1. Аудиторлук иштин жыйынтыктары 8
2.2. Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит 32
2.3. Аудит субъектилери тарабынан жазма буйруктардын, сунуштамалардын жана сунуштардын аткарылышы 33
3. Отчеттук жылга карата республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги аспекттери 35
3.1. Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы 35
3.2. 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы 37
3.3. 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы 38
4. Евразиялык экономикалык биримдиктин (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоо жогорку органдары тарабынан жүргүзүлгөн биргелешкен иш-чаралар 39
5. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу 41
5.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенти, Министрлер Кабинети, мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү 41
5.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү 42
5.3. Эл аралык кызматташуу 42
5.4. Коомчулук менен байланышуу 46
6. Коррупцияга каршы иш-чаралар 47
7. Эсептөө палатасынын ишин уюштуруу камсыздоо 47
7.2. Кадрдык камсыздоо 49
7.3. Эсептөө палатасынын ишин санариптештирүү 52
7.4. Каржы-чарбалык камсыздоо 54
Корутунду 56
Кыскартуулардын тизмеси: 57

Кириш сөз

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдагы ишмердүүлүгү жөнүндө отчет “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык даярдалды жана органга жүктөлгөн ыйгарым укуктарды ишке ашыруунун алкагындагы ишинин негизги жыйынтыктарын чагылдырат.

Эсептөө палатасынын ишмердүүлүгү финансылык (бухгалтердик) отчеттуулуктун жана эсепке алуу маалыматтарынын көз карандысыз аудитин жүргүзүүгө багытталган жана анын максаты – финансылык отчеттордун аныктыгы боюнча объективдүү жана негиздүү пикирди калыптандыруу болуп саналат. Бул пикир аудитордук отчет түрүндө берилет.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында финансылык тартип бузуулары аныкталып, талданат. Мындай бузууларга мамлекеттик каражаттарды жана башка ресурстарды пайдаланууда мыйзам талаптарын сактабаган учурлар, ошондой эле бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту туура эмес жүргүзүү фактылары кирет. 2025-жылы аныкталган бузуулар тууралуу жалпыланган маалыматтар жана аларды жоюу боюнча көрүлгөн чаралар ушул отчетто көрсөтүлгөн.

Отчетто ошондой эле Эсептөө палатасынын ишин өнүктүрүү боюнча негизги багыттар чагылдырылган. Алардын ичинде аудиттин сапатын жогорулатуу, коррупцияга каршы механизмдерди күчөтүү, ачык-айкындуулукту камсыз кылуу, санариптик технологияларды колдонуу, аналитикалык жана методикалык иштерди өркүндөтүү, кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу жана эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү маселелери бар.

Мындан тышкары, отчетто Эсептөө палатасынын Кыргыз Республикасынын Президенти, Жогорку Кеңеши, Министрлер Кабинети, мамлекеттик жана укук коргоо органдары, эл аралык уюмдар, башка мамлекеттердин Аудиттин жогорку органдары, ошондой эле коомчулук менен болгон кызматташуусу тууралуу маалымат берилет.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана коммерциялык сырларды коргоо боюнча мыйзамдарына ылайык, бул отчетто чектелген маалыматтар камтылган эмес. Анын ичинде “кызматтык пайдалануу үчүн”, “купуя” жана “өтө купуя” деген грифи бар материалдар камтылган эмес.

1. 2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу

Эсептөө палатасынын 2022-2026-жылдарга өнүктүрүүнүн стратегиялык планы (мындан ары – Стратегия), 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын жана 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасынын негизинде, ошондой эле аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишин баалоо тутумунун жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан.

Бул Стратегияда Эсептөө палатасы төмөнкү негизги максаттарды жана милдеттерди аныктаган:

• **1-максат. Мамлекеттик финансыны натыйжалуу, ачык-айкын жана отчет берүү менен тескөө**

Бул максат, Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыны башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган. Эсептөө палатасы мамлекеттик органдарга бөлүнгөн каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун баалап, кемчиликтерди жоюу жана алдын алуу чараларын сунуштоо аркылуу өз салымын кошот. Аталган максаттарга жетишүү үчүн, аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттарын жайылтууга умтулуу менен, Эсептөө палатасынын иш-аракеттери төмөнкүдөй милдеттерди аткарууга багытталган:

- шайкештик аудитинде тобокелдикке негизделген ыкманы колдонуу менен сапаттуу отчетторду түзүү;
- натыйжалуулук аудитинин санын көбөйтүү жана алар боюнча сапаттуу отчетторду түзүү;
- финансылык аудитти киргизүү жана алардын сапатын жогорулатуу.

• **2-максат. Кызыкдар тараптар Эсептөө палатасын ачык-айкын, отчет берүүчү жана кесипкөй уюм катары кабыл алат**

Аталган максат жарандарга, парламентке жана башка кызыкдар тараптарга өлкөдөгү окуяларга жана көйгөйлөргө пикир билдирүүгө, натыйжалуу жана активдүү байланыштарды пайдалануга, Өкмөттөгү жана мамлекеттик уюмдардагы өзгөрүүлөргө колдоо көрсөтүүгө багытталган. Эсептөө палатасынын ишинде тийиштүү башкаруу, ачык-айкындуулук жана отчеттуулук, этикалык стандарттарга ылайык иш алып баруу жаатында мыкты натыйжаларга умтулуу менен, үлгүлүү уюмдун ролун аткаруусу. Бул максаттарга жетишүү үчүн, Эсептөө палатасынын алдында төмөнкү милдеттер коюлган:

– Эсептөө палатасынын иши жөнүндө жылдык отчетту, аудиттин жыйынтыктары боюнча отчетторду жарыялоо жана аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык, Эсептөө палатасынын кызматчыларынын ишин жана этикасын баалоо;

– Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенти, Министрлер Кабинети, жалпыга маалымдоо каражаттары жана коомчулук менен өз ара аракеттенүүнү жогорулатуу.

Стратегиялык максаттарга жетүү жыл сайын кабыл алынган иш-чаралар планынын негизинде камсыздалат. Жылдык иш планы стратегияда көрсөтүлгөн багыттарды эске алуу менен түзүлөт жана милдеттер жылдар боюнча бөлүштүрүлөт.

2025-жылы стратегиялык максаттарды ишке ашыруунун алкагында төмөнкү иштер жүргүзүлдү:

“Мамлекеттик финансыны натыйжалуу, ачык-айкын жана отчет берүү менен тескөө” максатына жетүү үчүн:

Эсептөө палатасы, Польшанын Жогорку аудит органы жана Эл аралык жогорку аудит органдары уюмунун өнүктүрүү демилгеси (INTOSAI IDI) ортосундагы кызматташтыктын алкагында, 2023-2025-жылдарга карата “Жогорку аудит органдарынын глобалдык отчеттуулук демилгеси” (GSAI Кыргызстан долбоору) ишке ашырылып, 1) натыйжалуулук аудити боюнча, 2) финансылык аудит жана шайкештик аудити боюнча эки колдонмо иштелип чыгып, бекитилди.

Жаңы методологияларды натыйжалуу колдонуу үчүн, Польшанын Жогорку аудит органынын эксперттери тарабынан Эсептөө палатасынын кызматкерлерине окутуу семинарлары өткөрүлүп, 2025-жылы жалпысынан 40 кызматкер окуудан өттү.

2025-жылга карата аудитордук иш планына беш натыйжалуулук аудити киргизилип, аудиттер жүргүзүлдү.

Колдонмону практикалык сыноодон өткөрүү максатында, аудит темаларын тандоо боюнча иштер жүргүзүлдү. Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинде “Кыргыз Республикасында үрөн чарбалары үчүн жагымдуу шарттарды түзүүдө айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө мамлекеттик колдоо көрсөтүүнүн натыйжалуулугу” темасында аудит жүргүзүлдү.

Мындан тышкары, дагы төрт натыйжалуулук аудити жүргүзүлдү (билим берүү тармагында; Кыргыз Республикасындагы Борбордук Азиялык Жерди прикладдык Изилдөө Институтунда; Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде мамлекеттик сатып алуулар боюнча электрондук порталдын ишмердүүлүгүнө; “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасында).

“Кызыкдар тараптар Эсептөө палатасын ачык-айкын, отчет берүүчү жана кесипкөй уюм катары кабыл алат” максаты боюнча:

Эсептөө палатасынын 2026-2030-жылдарга карата коммуникациялык өнүктүрүү стратегиясы иштелип чыгып, бекитилди. Жарандарга маалыматты жөнөкөй жана түшүнүктүү жеткирүү максатында, “Жөнөкөй тилде отчет даярдоо” жана “Пресс-релиз даярдоо” темаларында семинарлар өткөрүлдү. Ар бир аудит отчету боюнча кыскача жана түшүнүктүү тилде пресс-релиздер даярдалып, жарыялануууда.

Эсептөө палатасы өз ишмердүүлүгү тууралуу коомчулукка расмий сайт, пресс-релиздер, социалдык тармактардагы баракчалар (Facebook, Instagram), теле жана радио эфирлер, интервьюлар жана видеоматериалдар аркылуу маалымат берип келет. Ошондой эле видеоматериалдар YouTube платформасына жайгаштырылат. Эсептөө палатасынын Telegram-каналы да иш алып барат.

Жогорку Кеңеш, Президент, Министрлер Кабинети, жалпыга маалымдоо каражаттары жана коомчулук менен кызматташууну өнүктүрүү боюнча иштер туруктуу негизде жүргүзүлөт. Зарылчылыкка жараша жолугушуулар жана талкуулар уюштурулуп турат. Жүргүзүлгөн аудиттердин дээрлик бардык отчеттору Жогорку Кеңешке, Президентке, Министрлер Кабинетине жана тиешелүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлөт. Мындан тышкары, Эсептөө палатасынын басма сөз кызматы жалпыга маалымдоо каражаттарына маалыматтарды үзгүлтүксүз таратып, расмий сайт жана социалдык тармактар аркылуу ишмердүүлүктү чагылдырып турат. Ошондой эле Эсептөө палатасында Жарандардын коомдук кабылдамасы жана Ишеним

телефону иштейт.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-2026-жылдарга өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын толук версиясы менен бул жерден таанышууга болот

Же көрсөтүлгөн QR-код аркылуу

2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү

2.1. Аудиторлук иштин жыйынтыктары

2025-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудиторлук иш планына ылайык, Эсептөө палатасы тарабынан 98 аудиторлук иш-чара жүргүзүлгөн, алардын жүрүшүндө аудит субъекттеринин 1 636 түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрү камтылган, анын ичинен: бюджеттик мекемелер – 1016, чарба жүргүзүүчү субъекттер – 357, жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу мекеме жана уюмдар – 257 жана башка уюмдар – 6.

2025-жылы Эсептөө палатасы мамлекеттик сектордун консолидацияланган финансылык отчеттуулугуна кеңири талдоо жүргүздү. Талдоонун жүрүшүндө мамлекеттик ишканалардын таза активдери консолидацияланган финансылык отчетто актив катары көрсөтүлбөгөнү аныкталды. Отчеттук жылы Эсептөө палатасы КР Финансы министрлиги менен биргеликте бул кемчиликтерди жоюу боюнча тиешелүү иштерди жүргүздү. Натыйжада, мамлекеттик активдердин жалпы көлөмү 61 158,5 млн сомго көбөйтүлдү, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгы боюнча – 902,3 млн сомго;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги боюнча – 51 572,1 млн сомго;
- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги боюнча – 8 684,1 млн сомго.

Жогоруда жазылгандарды эске албаганда, отчеттук жыл ичинде аудиторлук иштин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасы тарабынан **21 414,9 млн сом** суммасында калыбына келтирилүүгө тийиш болгон **финансылык тартип бузуулар** аныкталган, көрүлгөн чаралардын жыйынтыгында тиешелүү бюджеттерге **13 406,4 млн сом калыбына келтирилген**. Калыбына келтирүү 62,6 пайызды түзгөн.

Финансылык тартип бузуулар *– бул, укуктук ченемдик жана башка актылар менен белгиленген финансылык жана башка ресурстарды түзүү, аларды бөлүштүрүү жана пайдалануу, бухгалтердик эсепти жүргүзүү ченемдерин бузуу жана тиешелүү бюджеттерге калыбына келтирилүүгө тийиш болгон бузуулар.*

Өз учурунда финансылык бузуулар төмөндөгүлөргө бөлүнөт:

– эсеп боюнча бузуулар – бюджеттик мыйзамдын жана ФОЭСтин талаптарынын сакталбашы жана эсепке алынууга жана/же эсептен чыгарылууга тийиш болгон тиешелүү маалыматтарды бухгалтердик эсептин эсептик регистрлеринде көрсөтүү жана/же ашыкча көрсөтүү менен байланышкан бузуулар;

– бюджет боюнча бузуулар – акча каражаттары, мүлктү же жумуштарды аткаруу, кызмат көрсөтүү аркылуу тиешелүү бюджетке кайтарылууга тийиш болгон каражаттарды пайдаланууда бюджеттик мыйзамдын талаптарынын сакталбагандыгына байланыштуу бузуулар.

Эксперттик-аналитикалык иш-чаралардын жыйынтыктары боюнча, аудитордук иш-чаралардын алкагында, Эсептөө палатасы тарабынан, финансылык тартип бузуулардын категориясына кирбеген төмөндөгүдөй аныктоолор белгиленген:

– тиешелүү бюджеттерди толтуруунун мүмкүн болуучу кошумча булактары (бюджеттин резервдери) – 93 614,8 млн сомго;

– финансылык жана башка ресурстарды рационалдуу эмес жана натыйжасыз пайдалануу (бюджеттин жоготуулары) – 29 630,9 млн сомго;

– жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар – 1 032 факты.

Тиешелүү бюджеттерди толтуруунун кошумча булактары (бюджеттин резервдери) – *белгилүү бир иш-чараларды ишке ашырууда, тиешелүү бюджеттерди толтуруунун кошумча булагы катары эсептеле турган мүмкүнчүлүккө ээ кошумча каражаттар.*

Финансылык жана башка ресурстарды рационалдуу эмес жана натыйжасыз пайдалануу (бюджеттин жоготуулары) – *белгиленген максатына жетпестен жана рационалдуу эмес пайдаланылган жана/же өз убагында чаралар көрүлбөгөндүгү үчүн, тиешелүү бюджеттерге келип түшпөгөн орто эсеп менен белгиленген суммалар.*

Жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар – *бул, акчалай эквивалентте көрсөтүлбөгөн, укуктук ченемдик жана башка актылар менен белгиленген финансылык жана башка ресурстарды түзүүнүн, аларды бөлүштүрүүнүн жана пайдаланууну, бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн белгиленген тартиптеринин жол-жоболорун бузуулар.*

Финансылык тартип бузуулар

1-таблица. Финансылык тартип бузуулардын жыйынтыгы (млн сомдо)

	Аныкталды	Калыбына келтирилди		
		Бардыгы	*Бюджет боюнча*	*Бухгалтердик эсеп боюнча*
Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон финансылык тартип бузуулар	**21 414,9**	**13 406,4**	5 670,5	7 735,9

Финансылык тартип бузуулардын түрлөрү боюнча:

1. <u>Бюджеттерди түзүүдө (пландоодо) орун алган бузуулар</u>

Классификациянын бул түрү боюнча финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасы **13,3 млн сомду түзгөн.**

1-диаграмма



1-диаграммага ылайык, бул бөлүмдөгү финансылык тартип бузууларынын 69%ы же 9,2 млн сому Энергетика министрлигинде жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган. Тактап айтканда, Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу департаментинде КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-апрелиндеги №233 токтому менен бекитилген, Атайын эсептерде топтолгон башка каражаттарды аныктоо, чегерүү жана пайдалануу тартибинин талаптары бузулган. Ашыкча түшкөн каражаттар атайын эсептен республикалык бюджетке өз убагында которулган эмес. Аталган каражаттар аудит жүргүзүлүп жаткан учурда республикалык бюджетке кайтарылган.

3,4 млн сом суммасындагы финансылык тартип бузуулар КР Саламаттык сактоо министрлигинде жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө аныкталган. И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы КР Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-пунктунун талаптарын бузуп, “Элдик-Банк” ААКсындагы Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары жайгашкан пайдаланылбай калган бюджеттик каражаттарды бюджеттин кирешесине которгон эмес жана аларды 2025-жылы негизсиз пайдаланган. Бул каражаттар дагы аудиттин жүрүшүндө республикалык бюджетке калыбына келтирилген.

Ал эми 0,7 млн сом жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жүргүзүлгөн аудиттердин жүрүшүндө аныкталган башка финансылык тартип бузуулар жана алар жергиликтүү бюджеттерге кайтарылууга тийиш.

2. <u>Бюджеттерди аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер</u>

Бюджеттерди аткарууда кетирилген финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасы **7 484,9 млн сомду** түзгөн. Классификациянын бул тобу, финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасынын 35 %ын түзөт.

2-диаграммада көрсөтүлгөндөй, бюджеттердин аткарылышындагы финансылык тартип бузуулардын негизги бөлүгүн – 57%ын республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө аныкталган тартип бузуулар түзгөн.

Алардын жалпы суммасы **4 284,1 млн сомду** түзгөн.

2-диаграмма



Анын негизги бөлүгү – **2 496,0 млн сом**. Бул капиталдык салымдардын объекттерин каржылоо үчүн чыгарылган мамлекеттик казына облигацияларынан топтолгон жана коммерциялык банктардагы эсептерде сакталган каражаттар болуп саналат. КР Бюджеттик кодексинин 106-беренесине ылайык, бул каражаттар бюджеттик жылдын акыркы эки жумуш күнүнөн кечиктирилбестен, тиешелүү бюджеттердин эсептерине кайтарылышы керек болчу.

1 086,8 млн сом – бул ченемден ашык товардык-материалдык запастар жана эсептешүүлөрдөгү каражаттар. Алар, КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча ченемден ашык товардык-материалдык баалуулуктарды жана эсептешүүлөрдөгү каражаттардын калдыктарын эсепке алуу тартиби жөнүндө” нускаманын талаптарына ылайык эсепке алынган эмес. **383,8 млн сом** – Япония Өкмөтүнүн гранттык каражаттары боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыздар. **82,6 млн сом** – Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине бөлүнгөн каражаттар. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамынын 17-беренесинин талаптарын бузуу менен, министрлик 651,2 млн сом суммасына жабдууларды жана автотранспорт каражаттарын сатып алуу боюнча тиешелүү атайын ыйгарым укуктары жок “Кыргыз Маданият Сервис” мамлекеттик ишканасы менен мыйзамсыз келишимдерди түзгөн. Аудиттин жүрүшүндө төмөнкү финансылык тартип бузуулары аныкталган:

- келишимдер менен алардын тиркемелеринин ортосунда олуттуу финансылык айырмачылыктар болгон, бул ашыкча төлөмдөргө жана бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдаланууга алып келген;
- чет өлкөлүк жеткирүүчүлөргө төлөнгөн каражаттар менен министрлик жана ишкананын ортосундагы эсептешүүлөрдө айырмачылыктар аныкталган;
- башкаруу органдары тарабынан тийиштүү көзөмөлдүн жоктугу жана жооптуу кызмат адамдарынын кайдыгерлиги системалуу бузууларга жана мамлекеттик каражаттарды натыйжасыз пайдаланууга себеп болгон;

- техника сатып алууда ортомчу катары гана иш алып барганына карабастан, “Кыргыз Маданият Сервис” мамлекеттик ишканасы КНС боюнча жеңилдикти негизсиз колдонгон.

Натыйжада, 82,6 млн сом суммасындагы бюджеттик каражаттар негизсиз, ашыкча жана максатсыз пайдаланылган. Анын ичинде: иш жүзүндө жүргүзүлгөн төлөмдөр менен жеткирүү актыларынын ортосундагы айырма – 50,4 млн сомду; жабдуулардын чыныгы наркы менен жеткирүү актыларындагы сумманын айырмасы – 32,2 млн сомду түзгөн.

Жалпы финансылык тартип бузуулардын 10%ын же **718,4 млн сомун жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына** жүргүзүлгөн аудиттерде аныкталган финансылык тартип бузуулар түзгөн. Жергиликтүү бюджеттерге жүргүзүлгөн аудиттерде аныкталган бузуулардын негизги бөлүгү төмөнкү багыттар боюнча аныкталган:

– курулуш-куроо иштеринин көлөмүн жана наркын жогорулатуу, ошондой эле курулушка байланыштуу башка мыйзам бузуулар – 247,3 млн сом. Анын ичинен 2025-жылдын 31-декабрына карата 32,6 млн сом калыбына келтирилген;

– тиешелүү бюджеттерге каражаттарды которбоо (депозиттик эсептердеги талап кылынбаган калдыктар, жерлерди трансформациялоо боюнча өндүрүлбөй калган каражаттар жана башкалар) – 70,7 млн сом;

– мыйзамдуу негиздери жок жарандарга жөлөк пулдарды, компенсацияларды, субсидияларды, субвенцияларды жана башка акчалай төлөмдөрдү төлөп берүү – 50,0 млн сом;

– бюджетке төлөнүүчү карыздарды, туумдарды жана айып пулдарды өндүрүү боюнча көрүлбөгөн чаралар – 37,7 млн сом;

– товардык-материалдык баалуулуктардын (ТМБ) ченемден ашык калдыктары жана дебитордук карыздардын кредитордук карыздардан ашып кетиши –21,5 млн сом;

– бюджетке кошумча эсептелген жана төлөнүүгө тийиш болгон милдеттүү төлөмдөр (салыктар, Социалдык фондго төлөмдөр, туумдар жана айып пулдар, ижара төлөмдөрү жана башкалар) – 23,3 млн сом.

Андан кийин **662,7 млн сом** же бул бөлүмдөгү аныкталган финансылык тартип бузуулардын 9%ы **КР Социалдык фондунун** бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган. Бул бузуулардын негизги бөлүгү – 660,8 млн сомду түзгөн. Пенсиялык фонддун каражаттары, республикалык бюджеттин милдеттенмелерин каржылоого жумшалган.

Мындан тышкары, бул бөлүмдөгү бузуулардын 8%ын же **634,5 млн сомун Мамлекеттик салык кызматында** аныкталган финансылык тартип бузуулар түзгөн. Бул сумма салык төлөөчүлөрдүн бирдиктүү салык декларацияларын, салыктык отчетторун, эсеп-фактураларын талдоо жана бул маалыматтарды башка министрликтер менен ведомстволордун маалыматтары менен салыштыруу аркылуу аныкталган. Аудиттин жыйынтыгында кошумча 634,1 млн сом салык эсептелген.

3% же **203,8 млн сом** суммасындагы бузуулар **КР Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинде** жүргүзүлгөн аудитте аныкталган. Финансылык тартип бузуулардын негизги бөлүгү төмөнкүлөргө байланыштуу: жер казуучу техникаларды сатып алууга бөлүнгөн каражаттардын өздөштүрүлбөй калышы; сатып алынган техника жана жабдууларды өз убагында жеткирбегендиги үчүн

эсептелген туумдар; жеке ветеринардык дарыгерлер тарабынан колдонулган, бирок төлөнбөгөн биркалар жана чиптер үчүн каражаттар жана башкалар.

2% же **173,3 млн сом** суммасындагы бузуулар **КР Билим берүү жана илим министрлигине** жүргүзүлгөн аудитте аныкталган. Финансылык тартип бузуулардын негизги бөлүгү капиталдык салымдарга байланыштуу болгон. Анын ичинен 165,9 млн сому Ош мамлекеттик университетинде аныкталган бузуулар түзгөн. Аудиттин жүрүшүндө капиталдык салымдар курулуш иштеринин жана курулуш материалдарынын наркы көрсөтүлүүгө тийиш болгон тиешелүү сметалар бекитилбестен жүргүзүлгөнү аныкталган. Ошол эле учурда, аткарылган иштер боюнча актылар кабыл алынган.

КР Экономика жана коммерция министрлигинде жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында 171,7 млн сом же 2% финансылык тартип бузуу аныкталган. Анын ичинен 151,2 млн сом “Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду” ААКсында аныкталган. “Үч чоку” долбоорунун пилоттук долбоору боюнча техникалык-экономикалык негиздемени (ТЭН) иштеп чыгууда жана мастер-планды даярдоодо Фонддун жетекчилиги жана кызматкерлери подрядчы компанияны тандоодо конкурс өткөрбөстөн келишим түзүшкөн. Ошондой эле, подрядчы катары тандалган компаниянын тоо-лыжа кластерлерин долбоорлоо боюнча тажрыйбасы, квалификациясы жана эл аралык лицензиясы бар экендиги тастыкталган эмес.

Аткарылган иштерди жана кызматтарды, анын ичинде ТЭН жана мастер-план материалдарын кабыл алуу, тиешелүү эксперттер жана адистер тарабынан текшерүүсүз жана сапатсыз жүргүзүлгөн.

Бул, мамлекеттик деңгээлдеги иш-чаралардын үзгүлтүккө учурашына тобокелдикти жаратып, ошондой эле жоопкерчиликсиз жана натыйжасыз башкарууну көрсөтөт. Мунун натыйжасында бөлүнгөн 1 600,0 миң евро суммасындагы каражаттардын максатсыз жана натыйжасыз пайдаланылышынын тобокелдиги жаралган.

3. <u>Мүлктү пайдалануудагы бузуулар жана кемчиликтер</u>

Мүлктү пайдалануудагы финансылык тартип бузуулардын жана кемчиликтердин жалпы суммасы **7 703,5 млн сомду** түздү. Бул топко кирген мыйзам бузуулар, аныкталган бардык финансылык тартип бузууларынын жалпы көлөмүнүн 36 %ын түзөт.

Эсептөө палатасы мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин, мамлекеттин үлүшү чоң ишканалардын жана акционердик коомдордун мүлкүн аныктоо жана эсепке алуу боюнча иш жүргүзүп келет. Мындай иштер кыймылсыз жана кыймылдуу мамлекеттик мүлктүн сакталышын камсыздоо, ошондой эле мамлекеттик мүлктү жана жерди адилеттүү баалоо максатында жүргүзүлүүдө. Мамлекеттин үлүшү чоң ишканаларды жана акционердик коомдордун активдерин туура баалоого өзгөчө көңүл бурулууда, анткени, мамлекеттик активдерди адилеттүү баалоо, инвестициялар тартылып, мамлекеттин үлүшүн башка жактарга сатууда же өткөрүп берүүдө, ар кандай манипуляциялоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

3-диаграмма

Бул классификациядагы бузуулардын негизги бөлүгүн **Ош шаарынын мэриясында** аныкталган тартип бузуулары түзүп, алардын суммасы **2 844,4 млн сомду** же ушул бөлүмдөгү бузуулардын 37%ын түзгөн. Бузуулардын негизги бөлүгү – бухгалтердик баланска киргизилбеген негизги каражаттар, алардын суммасы 2 824,0 млн сомду түзгөн. 2025-жылдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча 1 919,4 млн сому же 68%ы бухгалтердик эсепке калыбына келтирилген. Аудиттин жүрүшүндө Ош шаардык клиникалык ооруканасынын жаңы имараты – 1 619,7 млн сом, ошондой эле 2013-2023-жылдары алынган 5 субкредит, субсидиардык келишимдер жана карыз милдеттенмелердин алкагында сатылып алынган жалпы суммасы 1 084,0 млн сом болгон негизги каражаттар, бухгалтердик баланска алынбаганы аныкталган.

Финансылык тартип бузуулардын 24%ы же **1 876,6 млн сомун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында** аныкталган бузуулар түзгөн. Алардын дагы негизги бөлүгү баланска киргизилбеген мүлктөрдүн суммасы 1 821,6 млн сомду түзгөн. Аудиттин жыйынтыгында аныкталган суммалардын ичинен 1 697,0 млн сомдук мүлк же 90,4% бухгалтердик эсепке алынган. Эң ири бузуулар төмөнкү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында аныкталган:

- Манас шаарынын мэриясында – 489,1 млн сом;
- Сузак районунун Көк-Арт айыл өкмөтүндө – 148,1 млн сом;
- Токмок шаарынын мэриясында – 130,2 млн сом;
- Кара-Балта шаарынын мэриясында – 129,9 млн. сом;
- Жети-Өгүз районунун Оргочор айыл өкмөтүндө – 116,8 млн сом;
- Ноокат шаарынын мэриясында – 93,2 млн сом;
- Нарын районунун Миң-Булак айыл өкмөтүндө – 87,1 млн сом;
- Панфилов районунун Курама айыл өкмөтүндө – 79,1 млн сом;
- Өзгөн шаарынын мэриясында – 70,8 млн сом;
- Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз айыл өкмөтүндө – 59,5 млн сом;
- Сокулук районунун З. Кайназарова айыл өкмөтүндө – 55,7 млн сом;
- Жети-Өгүз районунун Барскоон айыл өкмөтүндө – 49,7 млн сом;
- Тоң районунун Ак-Терек айыл өкмөтүндө – 46,6 млн сом;
- Нарын шаарынын мэриясында – 45,4 млн сом.

КР Билим берүү жана илим министрлигинде аныкталган финансылык тартип бузуулар бул бөлүмдөгү бузуулардын 14%ын же **1 083,5 млн сомду** түзгөн. Анын негизги бөлүгү – 1 071,0 млн сом Жалал-Абад мамлекеттик университетинде аныкталган бузуулар. Университеттин 14 түзүмдүк бөлүмүнүн жер тилкелери баланска алынган эмес. Аудиттин жүрүшүндө жалпы аянты 5,98 га жана 55,7 га болгон жер тилкелери көз карандысыз эксперттер тарабынан 1 071,0 млн сомго бааланып, университеттин бухгалтердик балансына киргизилген.

КР Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинде 937,2 млн сом суммасында бузуу аныкталган, ушул бөлүмдөгү финансылык тартип бузуулардын жалпы көлөмүнүн 20%ын түзөт. Анын негизги бөлүгү Каракол шаарындагы канализациялык тазалоочу курулмаларды куруу долбоору боюнча аныкталган бузуулар болгон. Курулуш келишими түзүлгөндөн бери жалпысынан 928,6 млн сомдук иштер аткарылган, бирок бухгалтердик эсеп жүргүзүү талаптары бузулуп, негизги каражаттар эсепке алынган эмес.

КР Экономика жана коммерция министрлигинде 204,0 млн сом же 3% финансылык тартип бузуу аныкталган. Анын негизги бөлүгү Туризм департаментинде аныкталган. Аудит учурунда жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында 137,6 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын жетишсиздиги аныкталган. Ошол эле учурда, өз убагында эсепке алынбаган запастар жана инвентарлар боюнча 684,4 миң сомдук ашыкча калдык аныкталып, аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик баланска алынган. Мындан тышкары, “Борбор Азиядагы регионалдык каттамдарды жакшыртуу Программасынын үчүнчү фазасы” долбоору боюнча “Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы каржылоо жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу” Мыйзамга ылайык, бүткөрүлгөн туристтик тейлөө борборлору Туризм департаментине өткөрүлүп берилиши керек болчу. КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан жалпы суммасы 200,2 млн сом болгон бүткөрүлгөн курулуш объектилери боюнча документтер Туризм департаментине өткөрүлгөн, бирок бул объекттер өз убагында департаменттин балансына киргизилген эмес. Аудит учурунда аталган объекттер Туризм департаментинин балансына алынган.

КР Саламаттык сактоо министрлигинде 86,3 млн сом же 2% финансылык тартип бузуу аныкталган. Анын ичинен: 84,5 млн сом – министрликке караштуу мекемелерде баланска алынбаган мүлк; 1,2 млн сом – товардык-материалдык баалуулуктардын жетишсиздиги.

КР Энергетика министрлигинде бул бөлүм боюнча **83,6 млн сом** тартип бузуу аныкталган. Негизги мыйзам бузуулар – Бишкек ЖЭБине тиешелүү 83 имарат жана курулуш бухгалтердик баланска алынбагандыгы болуп, алардын суммасы 76,4 млн сомду түзгөн. Ошондой эле, Энергетика министрлигине караштуу мекемелерде 6,3 млн сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын жетишсиздиги аныкталган.

КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде бул топ боюнча **56,2 млн сом** бузуу аныкталган. Анын негизги бөлүгү Баткен көчмө механикалаштырылган отрядында аныкталып, 40,3 млн сомду түзгөн. Административдик имарат 2024-жылы толук бүткөрүлүп пайдаланууга берилгенине карабастан, негизги каражат катары бухгалтердик эсепте чагылдырылган эмес. Ошондой эле, министрликке караштуу мекемелерде негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоо учурунда жалпы баланстык суммасы 1,1 млн сом болгон

жетишсиздик аныкталган.

4. Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуу

Классификациянын бул тобу боюнча финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасы **6 196,6 млн сомду** түздү. Бул, бардык аныкталган финансылык тартип бузуулардын жалпы көлөмүнүн 29%ын түзөт.

4-диаграмма

Диаграммада көрсөтүлгөндөй, бөлүмдөгү бузуулардын 29%ы же **1 789,2 млн сому КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде** аныкталган. Анын негизги бөлүгү – 1 667,0 млн сом. Бул, КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген жобонун 146-пунктунун талаптарын бузуу менен байланыштуу болгон. Тактап айтканда, Бишкек-Ош унаа жолунун Бишкек-Кара-Балта участогунда (8,5-61-чакырымдар) түтүктөр, суу өткөрүүчү лотоктор, бордюрлар, жол белгилери, унаа токтотуучу жайлардын элементтери жана башка объекттер бухгалтердик эсепте өз алдынча инвентардык объект катары катталган эмес. Аудиттин жүрүшүндө бул активдер Жол чарба департаменти тарабынан бөлүштүрүлүп, тиешелүү бухгалтердик жазууларды киргизүү менен эсепке алынган. Мындан тышкары, ошол эле жобонун 138 жана 141-143-пункттарынын талаптары бузулуп, Жол чарба департаменти тарабынан 101,6 млн сом суммасындагы капиталдык оңдоо чыгымдары негизги каражаттардын наркын көбөйтүүгө киргизилген эмес.

Финансылык тартип бузуулардын 28%ы же **1 749,2 млн сому** “**Кыргызстан аэропорттору” ААКсында** жүргүзүлгөн аудитте аныкталган. Бул бузуулардын негизги бөлүгү бухгалтердик эсепти туура эмес жүргүзүүгө байланыштуу болгон. “Кыргызстан аэропорттору” ААКсынын башкармалыгынын чечимдерине ылайык, жалпы наркы 1 693,3 млн сом болгон эки аба кемеси “Асман Эйрлайнс” ЖЧКсынын уставдык капиталына өткөрүлүп берилген. Бирок, “Кыргызстан аэропорттору” ААКсынын борбордук бухгалтериясында бул операция ката менен сатуу катары

көрсөтүлгөн. Натыйжада, аталган сумма 9191 “Негизги каражаттарды эсептен чыгаруудан түшкөн киреше” эсебинде киреше катары чагылдырылып, компаниянын кирешеси негизсиз көбөйтүлгөн. Ошол эле учурда 9591 “Негизги каражаттарды сатууга байланыштуу чыгымдар” эсебинде ушундай эле сумма чыгым катары көрсөтүлгөн. Чындыгында бул операция сатуу эмес, туунду компанияга инвестиция болуп саналат жана 2830 “Туунду компанияларга инвестициялар” эсебинде көрсөтүлүшү керек эле. Аудиттин жүрүшүндө тиешелүү оңдоолор киргизилип: “Кыргызстан аэропорттору” ААКсынын кирешеси 1 693,3 млн сомго азайтылган; аба кемелери бухгалтердик эсепте инвестиция катары туура чагылдырылган.

КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде 507,4 млн сом суммасында бузуулар аныкталган, бул бөлүмдөгү финансылык тартип бузуулардын жалпы көлөмүнүн 8%ын түзөт. Бузуулардын негизги бөлүгү бухгалтердик эсепте жашырылган дебитордук карыздарга байланыштуу болгон.

447,2 млн сом же 7% финансылык тартипти бузуу **“Кыргызиндустрия” ААКсына** жүргүзүлгөн аудитте аныкталган. Анын негизги бөлүгү – 446,7 млн сом. “Кыргызиндустрия” ААКсы карыз алуучуларга акча каражаттарын берүүдө алар менен кредиттик келишимдерди же карыз келишимдерин түзгөн эмес. Натыйжада, каражаттарды кайтаруу шарттары, анын ичинде төлөө мөөнөттөрү, төлөм графиктери жана милдеттенмелер өз убагында жана толук аткарылбаган учурда колдонулуучу санкциялар так аныкталган эмес. Мындан тышкары, Коомдо кредиттик тобокелдиктерди баалоо жана карыз каражаттарын берүү тартибин жөнгө салган ички документтер жок болгон. Карыз алуучулар тарабынан берилген каражаттарды пайдалануу жана кайтаруу шарттары боюнча тактыктын жана ачык-айкындуулуктун жоктугуна алып келген.

Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттикте бул бөлүм боюнча **393,9 млн сом** суммасында бузуулар аныкталган, жалпы мыйзам бузуулардын 6%ын түзөт. Анын ичинде: 305,9 млн сом – өндүрүлбөгөн дебитордук карыз; 65,9 млн сом – “Хайдаркан сымап комбинаты” ААКсында Социалдык фондго төлөмдөрдү өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн эсептелген туумдар.

301,7 млн сом суммасындагы бузуулар **жергиликтүү бюджеттерге** жүргүзүлгөн аудиттерде аныкталган. Бул бузуулардын негизги бөлүгү: дебитордук жана кредитордук карыздарды бухгалтердик эсепте көрсөтпөө; негизги каражаттарды таануу, эсепке алуу жана амортизациялоо боюнча мыйзамдардын талаптарын сактабаган учурлар менен байланыштуу болгон.

Ош шаарынын мэриясынын бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудитте **258,8 млн сом** суммасындагы бузуулар аныкталган. Бул дагы дебитордук карыздарды бухгалтердик эсепте көрсөтпөөгө жана өндүрүлбөгөн дебитордук карыздарга байланыштуу бузуулар болгон.

Көлөмү боюнча кийинки орунда **161,0 млн сомдук** бузуулар **республикалык бюджеттин аткарылышына** жүргүзүлгөн аудитте аныкталган. 2024-жылы Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги 44 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен башкы пландарды иштеп чыгуу жана топографиялык тартуу иштерин жүргүзүү боюнча жалпы суммасы 284,6 млн сом болгон келишимдерди түзгөн. Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтунун

маалыматына ылайык, бул иштер аяктоо баскычына келген. Ошол эле учурда, көрсөтүлгөн 44 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын 31инде жалпы суммасы 161,4 млн сом болгон дебитордук карызы жылдык бухгалтердик баланстарда чагылдырылган эмес. Аудиттин жүрүшүндө тиешелүү бухгалтердик оңдоолор киргизилип, дебитордук карыздар эсепке алынып, бухгалтердик маалыматтар талаптарга ылайык келтирилген.

КР Энергетика министрлигинде бул бөлүм боюнча **154,9 млн сом** финансылык тартип бузуулар аныкталган, ал, бөлүмдөгү мыйзам бузуулардын 3%ын түзөт. Бул бузуулар министрликке караштуу мекемелерде жана акционердик коомдордо аныкталган. Анын ичинде:

- 23,5 млн сом – негизги каражаттарды таануу, эсепке алуу жана амортизациялоо боюнча мыйзам талаптарын сактабоо;
- 81,3 млн сом – финансылык активдерди эсепке алуу боюнча мыйзам талаптарын бузуу;
- 31,7 млн сом – бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн кредитордук карыз;
- 16,7 млн сом – бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн дебитордук карыз;
- 1,7 млн сом – бухгалтердик эсеп жүргүзүүдө жана отчет түзүүдө аныкталган башка мыйзам бузуулар.

5. <u>Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы бузуулар</u>

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү калыбына келтирүүгө тийиш болгон бузуулардын жалпы суммасы **16,5 млн сомду** түздү. Бул – сатып алынган товарларды өз убагында жеткирбегендиги жана кызмат көрсөтүүлөрдү өз убагында аткарбагандыгы үчүн туумдарды эсептебөө, сатып алууларда подряддык иштердин баасын жогорулатуу, келишимди аткаруу кепилдиктерине байланыштуу манипуляциялар жана башка ушул сыяктуу бузуулар.

Мындай бузуулар төмөнкү аудиттердин жүрүшүндө аныкталган:

- “Кыргызстан аэропорттору” ААКсында – 8,5 млн сом;
- КР Энергетика министрлигинде – 3,5 млн сом;
- КР Жогорку сотунда – 2,7 млн сом;
- Ош шаарынын мэриясында – 0,7 млн сом ж.б.

Тийиштүү бюджеттерди толтуруунун кошумча булактары (бюджеттин резервдери)

Эсептөө палатасы тарабынан 2025-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын, эксперттик-аналитикалык иштин жыйынтыгы боюнча тийиштүү бюджеттерди толтуруунун мүмкүн болгон кошумча булактары (бюджеттин резервдери) **93 614,8 млн сом** суммасында белгиленген. Бул сумма финансылык тартип бузуулардын категориясына кирбейт, бирок айрым иш-чараларды ишке ашыруунун натыйжасында тийиштүү бюджеттерге мобилизацияланышы мүмкүн. Бул эксперттик-аналитикалык иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча сунуштамалар КР Жогорку Кеңешине, Министрлер Кабинетине, Финансы министрлигине жана башка тийиштүү мамлекеттик органдарга жана чарба жүргүзүүчү субъекттерге жөнөтүлгөн.

2-таблица. Тийиштүү бюджеттердин резервдери (млн сомдо)

№	Аудит субъектиси	Аныкталды	%
1	Мамлекеттик салык кызматы	68 338,9	73,00%
2	Бишкек шаарынын мэриясы	13 863,5	14,81%
3	Жогорку сот	10 370,5	11,08%
4	Транспорт жана коммуникациялар министрлиги	245,5	0,26%
5	Финансы министрлиги (2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы)	145,9	0,16%
6	Жергиликтүү бюджеттер	79,1	0,08%
7	Жана башкалар	571,4	0,61%
	Бардыгы	**93 614,8**	**100,0**

КР Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы боюнча

2-таблицада көрсөтүлгөндөй, КР Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматында жүргүзүлгөн аудиттик иш-чаранын жыйынтыгы боюнча республикалык бюджетти толуктоонун мүмкүн болгон кошумча булактары **68 338,9 млн сом** суммасында белгиленген. Алардын эң ирилери төмөнкүлөр:

Эки жылдын ичинде Салык кызматы тарабынан салынган айып пулдардын жалпы суммасы 676,3 млн сомду түзгөн (99,6 миң токтом). 2025-жылдын 8-июлуна карата өндүрүлбөй калган калдык 1 854 протокол боюнча **17,9 млн сомду** түзгөн, анын ичинен 16,4 млн сом суммасындагы 1 769 токтом мажбурлап өндүрүү үчүн Сот аткаруучулар кызматына жөнөтүлгөн, ал эми 1,5 млн сом суммасындагы 85 токтом Сот аткаруучулар кызматына өткөрүлүп берилген эмес.

Ошондой эле аудиттин жүрүшүндө төмөнкүлөр аныкталган:

– контролдук-кассалык машиналарды (ККМ) колдонгон салык төлөөчүлөрдүн саны Мамлекеттик салык кызматынын 7 башкармалыгында көбөйгөнүнө карабастан, 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча ККМ аркылуу өткөрүлгөн пайданын көлөмү 2023-жылга салыштырмалуу 114 196,4 млн сомго азайган. Товарларды, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу боюнча операциялардын ККМ аркылуу толук өткөрүлбөгөндүгүнүн натыйжасында, 2024-жылы кошумча нарк салыгы (КНС) жана сатуудан алынуучу салык боюнча жоготуулар **14 845,5 млн сомду** түзгөн;

– “КНСти башкаруунун автоматташтырылган системасы” программалык комплексинин маалыматтарына ылайык, КНС боюнча отчеттуулуктагы тобокелдиктерди жараткан айырмачылыктар 2024-жыл үчүн 3 115,5 млн сомду жана 2025-жылдын 1-январына карата **11 003,3 млн сомду** түзгөн;

– бирдиктүү салык декларацияларына, салыктык отчеттуулукка, эсеп-фактураларга, ошондой эле КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматтарына жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгында **36 101,7 млн сом** суммасында салыктарды төлөбөө тобокелдиктери аныкталган. Салыктык купуялуулукка байланыштуу мыйзам талаптарына ылайык, мындай тобокелдиктери бар субъекттердин кеңири тизмеси “кызматтык пайдалануу үчүн” деген грифке ээ;

– 2025-жылдын 1-январына карата салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарды өндүрүү ишинин жетишерлик деңгээлде натыйжалуу жүргүзүлбөгөндүгүнөн улам, бюджеттин кайтарылбаган салыктык карыз түрүндөгү жоготуулары 18 908 субъект боюнча **6 420,8 млн сомду** түзгөн.

Бишкек шаарынын мэриясы боюнча

Бишкек шаарынын мэриясына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча **13 863,5 млн сом** суммасында резервдер (14,81%) аныкталган. Алардын негизгилери төмөнкүлөрдү камтыйт:

Муниципалдык мүлктү башкаруу департаменти тарабынан көп батирлүү турак үйлөрдү жана турак эмес жайларды сатууга мыйзамдарда каралбаган макулдашуу маалымкаттарын берүү фактылары аныкталган. Бул тажрыйба, ижарадагы жер тилкелерин сатуудан түшүүгө тийиш болгон кирешелердин болжол менен **13 599,8 млн сомго** түшпөй калышына алып келген.

Муниципалдык коомдук транспортто накталай эмес эсептешүүлөрдү киргизүүгө тийиштүү көзөмөлдүн жоктугунан, иштин жетишсиз уюштурулушунан, ошондой эле тармактык департаменттин жана муниципалдык ишканалардын жооптуу кызматкерлеринин милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгынан улам, жүргүнчүлөрдү ташуудан түшүүчү кирешелер **85,5 млн сомго** кем түшкөн, анын ичинде:

- “Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы” МИ – 72,2 млн сом;
- “Бишкек троллейбус башкармалыгы” МИ – 13,3 млн сом.

Бишкек санитардык полигону “HOWO” үлгүсүндөгү 5 жүк ташуучу унаанын ээлери менен түзүлгөн келишимдер боюнча салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрү төлөнгөнүн тастыктоочу документтер жок болгон шартта, 17,8 млн сом суммасында кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм жүргүзгөн. Мында киреше салыгы (1,6 млн сом) жана Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү (4,8 млн сом) кармалган эмес. Жалпы резервдер – **6,4 млн сом**.

“Бишкекжылуулуктармагы” муниципалдык ишканасы “Электр станциялары” ААКсынын абоненттерине жылуулук жана ысык суу менен камсыз кылуу кызматтарын көрсөтүүдө 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча **79,1 млн сом** суммасында чыгым тарткан, анын ичинен 28,1 млн сом дал ушул кызмат көрсөтүүлөргө туура келет. Негизги себеп – жылуулук энергиясынын өздүк наркынан төмөн баада сатылышы: өздүк наркы 2 900,0 сом/Гкал болгон учурда берүү 2 881,48 сом/Гкал баасы менен жүргүзүлгөн.

КР Жогорку соту боюнча

КР Жогорку сотунда резервдер **10 370,5 млн сомду** же 11,08%ды түзгөн. Сот аткаруучулар кызматтарынын ишине жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгы боюнча аткаруу документтери боюнча карыздарды өндүрүү ишин күчөтүү зарылдыгы белгиленген.

Тактап айтканда, 2025-жылдын 1-январына карата мамлекеттин пайдасына өндүрүлүүгө тийиш болгон карыздын олуттуу калдыгы сакталып, ал **3 750,9 млн сомду** түзгөн.

Ошондой эле КР Финансы министрлигинин пайдасына чыккан чечимдер боюнча **5 439,5 млн сомду** өндүрүү тууралуу аткаруу документтеринин аткарылышын камсыз кылуу зарылдыгы аныкталган.

Мындан тышкары, айрым аткаруу өндүрүштөрү боюнча 10% суммасындагы аткаруу жыйымын эсептебөө же өндүрбөө фактылары аныкталып, анын натыйжасында бюджетке **313,4 млн сом** киреше түшпөй калган. Ошондой эле, эсептик маалыматтарда чагылдырылбаган **865,5 млн сом** суммасындагы өндүрүлбөгөн

аткаруу жыйымдары бар экендиги белгиленген.

Жалпысынан бул фактылар аткаруу өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана милдеттүү төлөмдөрдүн толук өндүрүлүшүнө көзөмөлдү күчөтүү зарылдыгын көрсөтөт.

КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги боюнча резервдер **245,5 млн сомду** же 0,26%ды түзгөн. Бул резервдер түзүлгөн келишимдерге ылайык, подрядчылар тарабынан иштерди өз мөөнөтүндө аткарбагандыгы үчүн туумдарды жана санкцияларды эсептебөө менен байланыштуу.

Республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө **145,9 млн сом** суммасындагы (0,16%) резервдер аныкталган, алар төмөнкү факторлор менен шартталган:

Мамлекеттик үлүшү бар айрым акционердик коомдор, анын ичинде “Кыргызтелеком” ААКсы, “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААКсы, “Хайдаркан сымап комбинаты” ААКсы, “Учкун” ААКсы жана “Бакай Банк” ААКсы 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча таза пайда алышкан. Бирок, дивиденддерди бөлүштүрүү жана республикалык бюджетке которуу боюнча чечимдер кабыл алынган эмес же аткарылган эмес. Натыйжада, **66,8 млн сом** суммасында киреше бюджетке түшпөй калган.

Убактылуу бош болгон бюджеттик каражаттарды жайгаштыруу үчүн, коммерциялык банктарды тандоо боюнча конкурстук комиссиянын протоколдоруна жүргүзүлгөн талдоодо, чечим кабыл алуу жол-жоболорунда бузуулар аныкталган. Белгиленген талаптарга жооп бергенине жана жогорку пайыздык чендерди сунуштаганына карабастан, “Бакай Банк” ААКсынын, “KSB Банк” ЖАКнын жана “Халык Банк” ААКсынын арыздары жетиштүү негиздемесиз четке кагылган. Бул бюджеттин **27,7 млн сом** суммасындагы кирешесинин жоготуусуна алып келген.

Мындан тышкары, КР Финансы министрлиги менен коммерциялык банктардын ортосунда түзүлгөн айрым келишимдерде Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары ачылган эсептердеги каражаттардын калдыктарына пайыздарды эсептөө шарттары каралбагандыгы аныкталган. Айрым банктар менен тиешелүү кошумча макулдашуулар 2025-жылдын март айында гана түзүлгөн. Натыйжада, 2024-2025-жылдары каражаттардын калдыктарына пайыздардын эсептелбегендигинен бюджеттин түшпөй калган кирешеси **51,4 млн сомго** бааланган.

Жергиликтүү бюджеттер боюнча резервдер **79,1 млн сомду** түзгөн. Бул резервдердин негизги бөлүгү жерди, мүлктү жана жайыт жерлерин ижарага берүү менен байланыштуу.

Рационалдуу эмес жана натыйжасыз пайдаланылган финансылык жана башка ресурстар (бюджеттин жоготуулары)

Эсептөө палатасы тарабынан 2025-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын алкагында **29 630,9 млн сом** суммасында рационалдуу эмес жана натыйжасыз пайдаланылган финансылык жана башка ресурстар (бюджеттин жоготуулары) аныкталган, бул каражаттар – белгиленген максатына жетпеген жана рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар. Аудиттердин жыйынтыгы боюнча КР Жогорку Кеңешине, Министрлер Кабинетине жана башка тиешелүү мамлекеттик органдарга жана чарба жүргүзүүчү субъектилерге сунуштар, жазма буйруктар жана сунуштамалар жөнөтүлгөн.

3-таблица. Рационалдуу эмес жана натыйжасыз пайдаланылган ресурстар (бюджеттин жоготуулары)

(млн сомдо)

№	Аудит субъектиси	Аныкталды	%
1	Финансы министрлиги (2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы)	18 588,6	62,73%
2	Саламаттык сактоо министрлиги (ММКФны эсепке алуу менен)	4 620,0	15,59%
3	Экономика жана коммерция министрлиги	1 966,8	6,64%
4	Билим берүү жана илим министрлиги	915,7	3,09%
5	“Кыргызстан аэропорттору” ААКсы	751,0	2,53%
6	Энергетика министрлиги	327,7	1,11%
7	Бишкек шаарынын мэриясы	292,4	0,99%
8	Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик	257,9	0,87%
9	Жергиликтүү бюджеттер	229,1	0,77%
10	Ош шаарынын мэриясы	171,6	0,58%
11	Жана башкалар	1 510,1	5,10%
	Бардыгы	**29 630,9**	**100,0**

КР Финансы министрлиги боюнча (КР республикалык бюджетинин аткарылышы)

Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында республикалык бюджеттин ресурстары **18 588,6 млн сом** суммасында (62,73%) сарамжалсыз жана натыйжасыз пайдаланылгандыгы аныкталган. Алардын эң ирилери төмөнкүдөй бузуулар:

КР Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин талаптарын бузуу менен, мамлекеттик казына облигацияларын чыгаруунун эсебинен капиталдык салымдарды каржылоого багытталган **14 999,8 млн сом** суммасындагы чыгашалар 2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто чагылдырылган эмес. Аталган сумма бюджеттин киреше (ресурстук) бөлүгүндө да, чыгаша бөлүгүндө да көрсөтүлгөн эмес.

2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча расмий отчетко ылайык, профицит 34 307,5 млн сомду түзгөн. Ошол эле учурда, аудиттин жыйынтыгында бюджеттик ресурстар менен чыгашалар толук чагылдырылбагандыктан, иш жүзүндөгү профицит 19 307,7 млн сомду түзөрү аныкталган. Бул бурмалоо олуттуу болуп саналат жана бюджеттин аткарылышынын негизги көрсөткүчтөрүнө таасирин тийгизет.

Белгилей кетүүчү жагдай, буга чейин аудиттин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасы тарабынан 2024-жылдын 6-сентябрындагы №01-20/109 жазма буйрук жөнөтүлгөн, мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруунун эсебинен каржыланган капиталдык курулуш объектилерине кеткен чыгашаларды республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда жана анын аткарылышы тууралуу отчетто чагылдыруу зарылдыгы көрсөтүлгөн. Бирок аталган жазма буйрук аткарылган эмес жана 2024-жылы ушундай эле бузуулар кайрадан кайталанган.

Мамлекеттик инвестициялык программалар (МИП) боюнча баланс жана отчеттуулук маалыматтарына ылайык, 2024-жылдын 31-декабрына карата акча

каражаттарынын чыгышынын жалпы көлөмү 35 993,7 млн сомду түзгөн. Ошол эле учурда, айрым долбоорлор боюнча коммерциялык банктардагы эсептерде пайдаланылбай калган каражаттардын калдыгы 5 551,5 млн сомду түзгөн. 2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто мамлекеттик инвестициялык долбоорлор боюнча иш жүзүндөгү чыгашалар (финансылык активдерди эске алуу менен) 35 170,1 млн сом суммасында көрсөтүлгөн, бул иш жүзүндөгү деңгээлден **823,6 млн сомго** аз болуп, алардын бурмалангандыгын көрсөтөт.

Белгилей кетүүчү жагдай, бюджеттин аткарылышы боюнча отчеттордо мамлекеттик инвестициялык долбоорлор боюнча чыгашалардын бурмаланышы мурдагы жылдардагы аудиттерде да бир нече жолу аныкталган.

КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги №168-р тескемесине ылайык, КР Президентинин 2024-жылдын 22-январындагы №5 Жарлыгын аткаруу максатында, Финансы министрлигине полиметаллдарды жана сейрек кездешүүчү жер элементтерин өздөштүрүү боюнча улуттук долбоорду ишке ашырууга 1 000,0 млн сом бөлүп берүү тапшырылган. Каралган каражаттардын ичинен 717,3 млн сом Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги аркылуу “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасына багытталган. Анын ичинен 601,1 млн сом техника, жабдуулар жана материалдарды сатып алууга, 1,4 млн сом кызмат көрсөтүүлөрдүн акысын төлөөгө пайдаланылган, ал эми 2024-жылдын 31-декабрына карата каражаттардын калдыгы 114,8 млн сомду түзгөн. Ошону менен бирге, **601,1 млн сом** суммасындагы сатып алынган активдер ишкананын өздүк капиталынын көбөйүшү катары чагылдырылган эмес, бул эл аралык финансылык отчеттуулук стандарттарынын талаптарына туура келбейт.

Республика боюнча (Бишкек шаарын кошпогондо) үй шартында социалдык тейлөөгө муктаж жарандардын саны 8 002 адамды түзөт. КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-июлундагы №365 токтому менен бекитилген “Үйүнө барып социалдык жактан тейлөө жөнүндө” Типтүү жобого ылайык, аларды тейлөө үчүн 688 социалдык кызматкер талап кылынат. Ошол эле учурда, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин аймактык бөлүмдөрүндө иш жүзүндө 863 социалдык кызматкер иш алып барууда, бул ченемдик муктаждыктан 175 штаттык бирдикке көп. Натыйжада, аларды күтүүгө республикалык бюджеттен эмгек акы жана камсыздандыруу төгүмдөрүн кошкондо **44,7 млн сом** сарпталган. Эсептөө палатасы тарабынан 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча мурда берилген сунуштарга карабастан, штаттык бирдиктердин ашыкча саны жоюлган эмес жана ашыкча бирдиктерди каржылоо улантылууда.

2721 “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пулдар” беренеси боюнча каралган жана КР Социалдык фондуна пенсиялар менен жөлөк пулдарды төлөөгө багытталган каражаттар максаттуу багыты боюнча пайдаланылбагандыгы аныкталган. Тактап айтканда, **273,9 млн сом** “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасы жана коммерциялык банктар аркылуу пенсиялар менен жөлөк пулдарды жеткирүү кызматтарынын акысын төлөөгө жумшалган. КР Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген Бюджеттик классификацияга ылайык, бул чыгымдар 2227 “Пенсияларды жана жөлөк пулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн чыгымдары” берене боюнча жүргүзүлүүгө тийиш болчу.

“Бишкек ЖЭБ” муниципалдык ишканасына Бишкек шаарынын мэриясы аркылуу республикалык бюджеттен энергоблокторду модернизациялоого **1 602,6 млн сом** суммасында максаттуу трансферттер бөлүнгөн. Алынган каражаттар ишкананын активдеринин жана өздүк капиталынын көбөйүшү катары чагылдырылган эмес, натыйжада мамлекеттик бюджеттин финансылык отчеттуулугунда мамлекеттин активдери көрсөтүлгөн суммага төмөндөтүлүп көрсөтүлгөн.

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №126 токтому менен бекитилген “Жергиликтүү бюджеттерде каржылоодо турган мекемелердин керектөөчү электр энергиясы үчүн чыгымдарын республикалык бюджеттен каржылоо жөнүндө” жобонун 6-пунктунун (2-абзац) талаптарын бузуу менен, жергиликтүү бюджеттерден каржыланган мекемелердин электр энергиясына төлөмдөрү боюнча чыгымдарына жалпы суммасы **75,2 млн сом** суммасында ашыкча каржылоо жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги боюнча (Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду менен кошо)

КР Саламаттык сактоо министрлигинде жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда, ошондой эле алардын түзүмдүк жана ведомстволук уюмдарында жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында **4 620,0 млн сом** суммасында (15,59%) финансылык жана башка ресурстардын сарамжалсыз жана натыйжасыз пайдаланылгандыгы аныкталган. Эң олуттуу бузуулар төмөндө келтирилди:

Стационардык дарылоо боюнча 2024-жылы 1 койка-күнгө карата дары-дармектердин пландуу наркы 305,34 сомду түзсө, иш жүзүндөгү наркы 1 048,5 сом болгон. Натыйжада, 1 койка-күнгө кеткен дары-дармек чыгымдарынын ашыкча суммасы 743,16 сомду түзгөн. Мунун кесепетинен, 2024-жылга чыгымдар сметасы боюнча **1 939,0 млн сом** суммасында ченемден ашык каражат сарпталган.

Дары-дармек каражаттары департаменти тарабынан мөөнөтү өтүп кеткен дары-дармектерди жана медициналык буюмдарды эсептен чыгаруу боюнча 51 комиссиялык акт жүргүзүлүп, алардын жалпы суммасы **489,9 млн сомду** түзгөн. Анын ичинен Саламаттык сактоо мекемелеринде 411,3 млн сом эсептен чыгарылган. Негизги бөлүгүн Кытай Эл Республикасынан гуманитардык жардам катары алынган Sinopharm компаниясынын “Vero Cell” COVID-19га каршы вакциналары түзгөн. Жалпы суммасы 402,1 млн сом болгон 1 417 308 доза вакцина эсептен чыгарылган, алардын колдонуу мөөнөтү 2023-жылдын 13 жана 19-октябрында аяктаган.

2217 “Дары-дармектерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алуу” беренеси боюнча 2024-жылга смета 371,6 млн сом суммасында бекитилип, такталган план 538,7 млн сомду түзгөн. Кассалык чыгымдар 478,3 млн сом суммасында жүргүзүлгөн, ошол эле учурда иш жүзүндөгү чыгымдар 229,4 млн сомду түзүп, кассалык чыгымдардан 248,9 млн сомго аз болгон. **220,3 млн сом** суммасында айырмачылык аныкталып, ал КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик сектор уюмдарында бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө” жобонун 106-пунктунун талаптарына туура келбейт. Аталган контракттык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгымдар (юридикалык, консультациялык, күзөт, МТ ж.б.) аткарылган иштердин актылары жок эле төлөм эсептеринин негизинде чагылдырылган.

2218 “Тамак-аш азыктарын сатып алуу” беренеси боюнча **45,5 млн сом** суммасында чыгымдар жүргүзүлгөн, алар бюджеттик классификацияга ылайык 2111

“Эмгек акы” жана 2121 “Социалдык фондго чегерүүлөр” беренелери боюнча чагылдырылышы керек болчу.

КР Өкмөтүнүн 2002-жылдын 7-майындагы №287 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фонду жөнүндө” жобонун 13, 14 жана 15-пункттарынын, ошондой эле Саламаттык сактоо министрлигинин ченемдик талаптарынын бузулушу менен, жогорку технологиялык медициналык кызматтар дарылоо-көзөмөл комиссиясынын корутундулары жана бейтаптарды дарылоонун зарылдыгы боюнча күтүү баракчалары тарызделбестен көрсөтүлгөндүгү аныкталган (бул бузуу тутумдуу мүнөзгө ээ). Натыйжада, Онкология жана гематология улуттук борбору тарабынан белгиленген тартипти бузуу менен, жалпы суммасы 176,7 млн сом болгон жогорку технологиялык (кымбат баалуу) медициналык кызматтар көрсөтүлгөн.

250,1 млн сом – Саламаттык сактоо министрлигинин, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жана алардын ведомстволук жана аймактык мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы, үстөк акылар жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык төлөмдөр.

102,3 млн сом – электр жана жылуулук энергиясын белгиленген лимиттен ашык керектөө.

2024-жылы дары-дармек каражаттарын сатып алууларга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, 10 аталыш боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасы 58,2 млн сомду түзгөнү аныкталган. Ошол эле учурда, айрым жергиликтүү жеткирүүчүлөрдөн сатып алуу баалары рыноктук ушуга окшогондордон **18,2 млн сомго** жогору болгон, бул, бюджеттик каражаттардын натыйжасыз пайдаланылгандыгын көрсөтөт.

КР Саламаттык сактоо министрлигине караштуу **“Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасынын** ишинин натыйжалуулугуна жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, ишкананын ресурстарды пайдалануудагы жалпы натыйжалуулугу төмөн бойдон калганы аныкталган. Сапатсыз дары-дармектерди сатып алуу, ашыкча сатып алуулар, ошондой эле документ жүгүртүүнү уюштуруудагы кемчиликтер белгиленип, бул болсо иштин жыйынтыктарына терс таасирин тийгизген.

2025-жылдын 1-январына карата ишкананын эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгы 1 245,8 млн сомду түзгөн, анын ичинен 235,9 млн сом кызмат көрсөтүүдөн түшкөн кирешелерге, ал эми 1 009,9 млн сом бюджеттик каражаттардын калдыгына туура келет.

КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №176 токтому менен бекитилген, “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасынын Уставынын 6-пунктуна ылайык, ишкананын негизги милдети мамлекеттик медициналык уюмдарды жана калкты экономикалык жактан натыйжалуу баада дары-дармектер жана медициналык буюмдар менен камсыз кылуу болуп саналат.

Ошол эле учурда, аудит ишкананын жүктөлгөн милдеттерди толук көлөмдө аткарбагандыгын, ал эми **1 009,9 млн сом** суммасындагы бюджеттик каражаттар максаттуу пайдаланылбаганын аныктаган, бул, аларды бөлүп берүүнүн максаттарына жетпегендигин көрсөтөт. Натыйжада, медициналык уюмдар дары-дармектер жана медициналык буюмдар менен өз убагында камсыздалбай, бейтаптар үчүн медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө терс таасирин тийгизген.

“Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасынын жооптуу кызмат адамдары

тарабынан “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” КР Мыйзамынын жана КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары сакталбагандыгы аныкталган. 2025-жылдын 1-январына карата 47 саламаттык сактоо мекемеси менен салыштыруу жүргүзүүнүн жыйынтыгында 41 мекеме боюнча эсептешүүлөрдө айырмачылыктар аныкталган, анын ичинде негизсиз дебитордук карыз **2,1 млн сомду** жана негизсиз кредитордук карыз **116,9 млн сомду** түзгөн.

2024-жылы сатып алууларды жүргүзүүдө ар кандай келишимдердин алкагында бирдей медициналык жабдуулар ар башка баада сатылып алынган фактылар аныкталып, бул - бюджеттик каражаттардын натыйжасыз пайдаланылышына жана жалпы суммасы **3,6 млн сом** болгон мүмкүн болгон жоготуулардын жаралышына алып келген.

Тактап айтканда:

– 2024-жылдын 10-октябрындагы келишим боюнча “Mythic-60 автоматтык гематологиялык анализатору” (1 даана) 478,8 миң сомго сатып алынган, ал эми 2024-жылдын 17-октябрындагы келишим боюнча ошол эле жеткирүүчүдөн ушундай эле жабдуу 750,0 миң сомго сатып алынган, айырмасы **271,2 миң сомду** түзгөн;

– 2024-жылдын 23-декабрындагы келишим боюнча “Артроскопиялык стойка” аппараты 7,0 млн сомго сатып алынган, ал эми 2024-жылдын 16-декабрындагы келишим боюнча ушундай эле жабдуу 8,1 млн сомго сатып алынган, айырмасы **1,1 млн сомду** түзгөн;

– 2024-жылдын 23-декабрындагы келишим боюнча “Лапароскопиялык стойка” аппараты 5,0 млн сомго сатып алынган, ал эми 2024-жылдын 25-декабрындагы келишим боюнча ушундай эле жабдуу 5,8 млн сомго сатып алынган, айырмасы **0,8 млн сомду** түзгөн;

– 2024-жылдын 13-декабрындагы келишим боюнча “УВЧ-60” аппараты 131,2 миң сомго сатып алынган, ал эми 2024-жылдын 17-декабрындагы келишим боюнча ушундай эле аппарат 144,0 миң сомго сатылып алынган, айырмасы **12,8 миң сомду** түзгөн;

– 2024-жылдын 20-декабрындагы келишим боюнча С-дуга рентген аппараты 6,0 млн сомго алынган, ал эми 2024-жылдын 22-декабрында ушундай эле аппарат 7,5 млн сомго сатылып алынган, айырмасы **1,5 млн сомду** түзгөн.

Башкача айтканда, сатып алуулар тиешелүү баага талдоо жана рыноктук мониторинг жүргүзүлбөстөн ишке ашырылып, бирдей жабдуулардын баасынын жогорулатылышына жана бюджеттик жоготууларга алып келген.

КР Экономика жана коммерция министрлиги боюнча

КР Экономика жана коммерция министрлигинин жана анын ведомстволук уюмдарынын бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында **1 966,8 млн сом** суммасында (6,64%) финансылык жана башка ресурстардын сарамжалсыз жана натыйжасыз пайдаланылгандыгы аныкталган. Эң ири бузуулар төмөнкүлөр:

КР Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 8-бөлүгүнүн, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга пландуу мезгили жөнүндө” КР Мыйзамынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын

бузуу менен, Кыргызстандарттын аймактык борборлору тарабынан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган кирешелер казыналык тутумдан тышкары коммерциялык банктардагы эсептер аркылуу пайдаланылган. Жалпы сумма **198,0 млн сомду** түзгөн.

КР Туризмди өнүктүрүүнү колдоо фондунда 2022-2024-жылдардагы “ТОО Master Concept GmbH”, “A/G Consulting FZE”, “ЦСРТ” ЖЧКсы боюнча долбоорлордо **72,6 млн сом** суммасында натыйжасыз пайдаланылган каражаттар аныкталган. КР Туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду конкурстук тандоо өткөрбөстөн кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алган. “ТОО Master Concept GmbH” компаниясы менен региондордогу туризмди жана спорттук кластерлерди өнүктүрүү боюнча башкы пландарды, мастер-пландарды жана стратегияларды иштеп чыгуу үчүн жалпы суммасы 715 750 евро (64,8 млн сом) болгон 10 келишим түзүлгөн. Мындан тышкары, A/G Consulting FZE менен 48 000 АКШ долларына (4,2 млн сом) жана “ЦСРТ” ЖЧКсы менен 3,6 млн сомго келишимдер түзүлгөн. Үч контрагент боюнча жалпы сумма 72,6 млн сомду түзгөн.

Бул келишимдер боюнча аткарылган иштердин актыларынын түп нускалары, ошондой эле аларды кабыл алуу жана экспертизадан өткөрүү боюнча ырастоолор жок экендиги аныкталган. Подрядчылардын квалификациясы, лицензиялары жана тажрыйбасы боюнча документтер жок. Келишимдердин наркы жана аны түзүүнүн тартиби негизделген эмес. Бардык келишимдерге Фонддун президенти Е.А. Калашникова кол коюп, иштердин жыйынтыктарын да өзү кабыл алган. Ошол эле учурда көз карандысыз эксперттик баалоо жүргүзүлгөн эмес. Үч негизги келишимдин мазмуну окшош болуп, Чүй областында тоо туризминин башкы планын иштеп чыгууну карайт. Мамлекеттик органдар менен макулдашуулар жана объекттердин так тизмеси жок. Келишимдер түзүлгөндөн кийин Министрлер Кабинетинин тапшырмалар протоколу таризделген.

Туризмди өнүктүрүүнү колдоо фондунда акча каражаттарынын калдыктары боюнча бухгалтердик баланс менен банктык көчүрмөлөрдүн маалыматтарынын ортосунда айырмачылыктар бар. Жалпы айырмачылык **88,0 млн сомду** түзгөн:

– 31.12.2022-жылга карата: баланс боюнча – 508,9 млн сом, банктык көчүрмө боюнча – 438,8 млн сом, ашыкча көрсөтүү – 70,1 млн сом;

– 31.12.2023-жылга карата: баланс боюнча – 189,1 млн сом, көчүрмө боюнча – 176,4 млн сом, ашыкча көрсөтүү – 12,7 млн сом;

– 31.12.2024-жылга карата: баланс боюнча – 94,0 млн сом, көчүрмө боюнча – 99,2 млн сом, кем көрсөтүү – 5,2 млн сом.

Аныкталган айырмачылыктар бухгалтердик эсептин талаптагыдай жүргүзүлбөгөндүгүн, финансылык отчеттуулуктун сапатынын төмөн экендигин, ошондой эле Коомдун кызмат адамдарынын жоопкерчилик деңгээли жетишсиз экендигин көрсөтөт.

Туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагындагы “REST POINT” туристтик инфра түзүм объекттери боюнча (21 жер тилкеси) объекттердин санын жана жайгашуучу жерлерин аныктаган Директорлор кеңешинин же акционерлердин жалпы жыйынынын чечимдери жок экендиги аныкталган. Аналитикалык материалдар, негиздемелер жана максатка ылайыктуу эсептөөлөрү даярдалган эмес. Чечимдер Коомдун президенти тарабынан жеке кабыл алынып, андан кийин келишимдер түзүлгөн. “АСМ Долбор Курулуш” ЖЧКсы менен 20

тилке боюнча жергиликтүү шарттарга ылайык эскиздик жана жумушчу документтерди иштеп чыгуу каралган. Ошол эле учурда, автордук көзөмөл жана курулуштун сапатын көзөмөлдөө боюнча документтерде 21 объект көрсөтүлгөн, бир объект боюнча маалымат жок.

Бухгалтердик маалыматтарга ылайык, 2022-жылдын апрелинен 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде 11 подряддык уюм менен жалпы суммасы 166,1 млн сомго келишимдер түзүлүп, 159,7 млн сом которулган. Аткарылган жана кабыл алынган иштердин наркы 106,6 млн сомду, дебитордук карыз 53,1 млн сомду, аткарылбаган иштер **59,5 млн сомду** түзгөн. Келишимдер боюнча иштерди аткаруу мөөнөтү 60 күн деп белгиленгенине карабастан, 2024-жылдын 31-декабрына карата (2,5 жылдан ашык убакыт өткөнүнө карабай) объекттер бүткөрүлгөн эмес. Келишимдерди өз мөөнөтүндө аткарбагандыгы үчүн айып санкциялары эсептелген эмес жана колдонулган эмес. Тактап айтканда, “Эко-Грин Билдинг” ЖЧКсы боюнча айып суммасы 1,3 млн сомду, “Каганат групп” ЖЧКсы боюнча 3,0 млн сомду түзмөк.

18,3 млн сом – “Босого” долбоорун ишке ашыруунун алкагында жеке ишкерлер менен консультациялык кызматтарды көрсөтүү боюнча келишимдер түзүлүп, тиешелүү төлөмдөр жүргүзүлгөн. Ошол эле учурда, долбоор тийиштүү деңгээлде талданган эмес, анын пландаштырылышы жана уюштуруучулук даярдыгы камсыздалбастан ишке киргизилген. “Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду” ААКсынын Директорлор кеңешинин же акционерлердин жалпы жыйынынын чечимдери, ошондой эле Фонддун президентинин долбоорду түзүү жөнүндө буйруктары жок экендиги аныкталган. Каржылоо тиешелүү тескөөчү документтерсиз жүргүзүлгөн. Долбоордун иштөө тартибин жөнгө салуучу жоболор бекитилген эмес. Эсептөөлөр, негиздемелер жана сметалык документтер иштелип чыккан эмес. Натыйжада, каражаттарды максатсыз жана натыйжасыз пайдалануу 18,3 млн сомду түзгөн. Юридикалык бөлүмдүн башчысы И. Приевдин маалыматы боюнча, 2025-жылдын 2-июлуна карата консультанттар менен мурда түзүлгөн бардык келишимдер бузулуп, “Босого” долбоорунун ишмердүүлүгү токтотулган.

15,1 млн сом – “ГОУ БАС” ЖЧКсы карыз каражаттарын кайтаруу графигин системалуу түрдө бузуп келген. 2025-жылдын 20-июнуна карата 5,1 млн сом төлөнгөн эмес. Ошол эле учурда, келишимде каралган айып санкциялары (ар бир кечиктирилген күн үчүн 0,05%) Туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду тарабынан колдонулган эмес. Мөөнөтүн өткөрүп жибергендигине жана мурдагы милдеттенмелер аткарылбагандыгына карабастан, 2022-2025-жылдар аралыгында 2,6 млн сомдон 25,9 млн сомго чейин жаңы карыздар бериле берген. Жалпы каражаттын болгону 20,6%ы гана кайтарылган. Акыркы кайтаруу мөөнөтү 2026-жылдын 20-декабры деп белгиленген, бирок карыз алуучунун начар финансылык абалынан улам, анын аткарылышы күмөн жаратат. Карыздар боюнча пайыздык чендер (6-24,6%) документтик негиздемесиз белгиленген. Карыз берүүнү ырастаган уюштуруучулук чечимдер көрсөтүлгөн эмес.

Кошумча түрдө Фонддун жетекчилигинин чечими менен жетиштүү финансылык негиздемесиз “Босого Консалтинг” ЖЧКсынын ишмердүүлүгүнө 10,0 млн сом багытталгандыгы аныкталган, анын 49%ы Фондго таандык. Компанияны түзүүнүн максаттары ачыкталган эмес. “Босого Консалтинг” ЖЧКсынын ишмердүүлүгү чыгымдуу болуп саналат.

“Аймактарды өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фонду” коомдук

фонду КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген, “Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча” нускаманын талаптарын бузуу менен, республикалык бюджетке которулган **1 367,5 млн сомду** (15,7 млн АКШ долларына барабар) Фонддун бухгалтердик балансында 4100 “Узак мөөнөттүү милдеттенмелер” эсебинде чагылдырылган. Түзүлгөн салыштыруу актысынын негизинде, Финансы министрлиги тарабынан Фонд алдындагы кредиторлук карыз ырасталган. Аудиттин жүрүшүндө 2790 “Башка узак мөөнөттүү дебиторлук карыз” эсеби боюнча тиешелүү бухгалтердик жазуулар киргизилип, оңдоолор жүргүзүлгөн.

КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 21-августундагы №414 токтомунун 3-пунктуна ылайык, КР Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармалыгы тарабынан Фонддун ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн, коммуналдык жана эксплуатациялык чыгымдарды жабуу шарты менен имарат берилген. Бирок, 2022-жылдын 25-мартынан тартып Фонд “Авангард” бизнес-борборунда коммерциялык жайларды ижарага алып, айына 1 515 АКШ долларынан 5 320 АКШ долларына чейин ижара акы төлөп келген. 2022-жылдын 25-мартынан 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилдеги ижара чыгымдарынын жалпы суммасы **10,1 млн сомду** түзүп, Фонддун каражаттарын натыйжасыз пайдаланууга алып келген.

КР Билим берүү жана илим министрлиги боюнча

КР Билим берүү жана илим министрлигинде сарамжалсыз жана натыйжасыз пайдаланылган ресурстардын көлөмү **915,7 млн сомду** (3,09%) түзгөн. Аныкталган эң ири бузуулар төмөнкүлөр:

282,2 млн сом – КР Билим берүү жана илим министрлигинин жана анын ведомстволук, аймактык мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы, үстөк акылар жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык төлөмдөр.

25,2 млн сом – электр жана жылуулук энергиясын белгиленген лимиттен ашык керектөө.

22,0 млн сом – каражаттарды казыналык тутумдан тышкары пайдалануу.

“Келечек үчүн билим берүү” жана “Окутуунун негиздерин бекемдөө” долбоорлорун ишке ашырылышына жүргүзүлгөн натыйжалуулук аудитинин жыйынтыгында жалпы **503,4 млн сом** суммасындагы каражаттардын натыйжасыз пайдаланылгандыгы аныкталган. Анын негизгилери:

Педагогдорду окутуу ПККЖКДРИнин базасында жүргүзүлүшү каралганына карабастан, иш жүзүндө бул милдет жеке компанияларга өткөрүлүп берилген. Ошол эле учурда, 50 000ден ашуун педагогду окутууга жетиштүү мүмкүнчүлүгү бар мамлекеттик ресурстар пайдаланылган эмес. Жеке уюмдардын консультациялык кызматтарынын жалпы көлөмү 440,8 млн сомду түзүп, кассалык чыгымдар 320,9 млн сом болгон, анын ичинен натыйжасыз чыгымдар **281,5 млн сом** суммасында бааланган.

Санариптик билим берүү платформасын түзүүнүн алкагында министрлик “Улут Софт” ЖЧКсы менен 1 536,2 миң АКШ долларына (**137,4 млн сом**) келишим түзгөн. Маалыматтык системалардын оператору катары “Санариптик билим берүү борбору” түзүлгөнүнө карабастан, долбоор мамлекеттик мекемеге өткөрүлүп берилген эмес. Аны ишке ашыруу жетишсиз пландаштыруу жана ресурстарды начар мобилизациялоо

менен коштолуп, каражаттардын натыйжасыз пайдаланылышына алып келген.

Жабдууларды сатып алуу учурунда техникалык жактан ашыкча жана жарым-жартылай пайдаланылбаган компоненттерди (COM-порттор, төмөн уруксатка ээ 3D-модулдуу проекторлор, аудио кабелдер ж.б.) сатып алуу фактылары аныкталган. Айрым үзгүлтүксүз электр камсыздоо булактары жана көп функциялуу түзмөктөр натыйжасыз пайдаланылган же иштебеген абалда болгон. Бул багыттагы натыйжасыз чыгымдардын жалпы суммасы **41,9 млн сомду** түзгөн.

Окуу контентин иштеп чыгуу бөлүгүндө Коомдук фонддор менен **35,8 млн сом** суммасында, аткаруу мөөнөтү 6 ай болгон келишимдер түзүлгөн. Милдеттенмелер өз мөөнөтүндө жана талаптагыдай сапатта аткарылбагандыгы, материалдар билим берүү стандарттарына туура келбегендиги жана бир нече жолу кайра иштеп чыгууга кайтарылгандыгы аныкталган.

Жалпысынан аудит, мамлекеттик мекемелердин мүмкүнчүлүктөрү жетиштүү пайдаланылбаганын, негизги функциялар тышкы уюмдарга өткөрүлүп берилгенин, долбоорлорду пландаштыруу жана башкаруу деңгээлинин төмөн болгонун белгилейт. Бул бюджеттик каражаттардын олуттуу көлөмдө натыйжасыз пайдаланылышына алып келген.

“Кыргызстан аэропорттору” ААКсы боюнча

“Кыргызстан аэропорттору” ААКсында сарамжалсыз жана натыйжасыз пайдаланылган ресурстар **751,0 млн сомду** (2,53%) түзгөн. Аныкталган эң ири бузуулар төмөнкүлөр:

488,9 млн сом – Коомдун жана анын туунду компанияларынын кызматкерлерине эмгек акы, үстөк акылар жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык төлөмдөр.

Аудиттин жүрүшүндө күйүүчү-майлоочу материалдарды эсепке алуу жана эсептен чыгаруу тартиби бузулгандыгы аныкталган. Авто унааларды май куюучу станциялардан май менен камсыз кылууда берилген күйүүчү-майлоочу материалдар айдоочулардын жоопкерчилигиндеги эсептерде чагылдырылган эмес жана түздөн-түз чыгымдарга эсептен чыгарылган. Натыйжада, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” КР Мыйзамынын 8-беренесин бузуу менен, жалпы суммасы **190,5 млн сом** суммасындагы күйүүчү-майлоочу материалдар негизсиз эсептен чыгарылган. Ошол эле учурда, айдоочулар тарабынан таризделген жол баракчалары күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгарууга негиз катары колдонулган эмес. Документтер диспетчердик кызмат тарабынан формалдуу түрдө чогултулуп, папкаларга тигилген, бирок материалдык запастарды эсептен чыгарууда пайдаланылган эмес. Бул практика “Запастар” боюнча ФОЭАС (IAS) 2 талаптарына жооп бербейт жана ички көзөмөл, эсепке алуу жана запастарды башкаруу системасында кемчиликтердин болгондугун көрсөтөт.

КР Энергетика министрлиги боюнча

КР Энергетика министрлигине жүргүзүлгөн аудиттин алкагында бюджеттик ресурстардын **327,7 млн сом** суммасында (1,11%) сарамжалсыз жана натыйжасыз пайдаланылгандыгы аныкталган. Алардын эң ирилери төмөнкүлөр:

– 287,7 млн сом – негизсиз төлөнгөн эмгек акыга байланыштуу жоготуулар;

– 17,3 млн сом – бааларды түзүү жана тарифтерди калыптандыруу менен байланышкан бузуулар;

– 27,9 млн сом – мамлекеттик максаттуу программаларды ишке ашырууга

бөлүнгөн каражаттарды максатсыз пайдалануу;

– 5,2 млн сом – башка натыйжасыз пайдаланылган каражаттар.

Бишкек шаарынын мэриясы боюнча

Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин алкагында жергиликтүү бюджеттин **292,4 млн сом** суммасындагы жоготуулары аныкталган (0,99%). Анын ичинен:

– 174,5 млн сом – Мэриянын аппаратынын, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана муниципалдык ишканаларынын кызматкерлерине негизсиз төлөнгөн эмгек акыга байланыштуу жоготуулар;

– 48,6 млн сом – капиталдык салымдарды пайдаланууда жана курулуш иштерин аткарууда башка бузуулар;

– 19,5 млн сом – бюджеттик сметаларды түзүү, кароо жана бекитүү тартибинин сакталбагандыгына байланыштуу бузуулар;

– 10,6 млн сом – мүлктү туура эмес сактоо жана пайдалануу;

– 8,4 млн сом – сатылып алынып, узак убакыт бою кампаларда талап кылынбаган өтүмсүз негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктар;

– 8,0 млн сом – ички контроль тутумуна карата мыйзам талаптарын бузуу;

– 22,8 млн сом – жергиликтүү бюджеттин аткарылышындагы башка бузуулар.

КР Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик боюнча

Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттикте сарамжалсыз жана натыйжасыз пайдаланылган ресурстар **257,9 млн сомду** түзгөн. Мындай бузуулар төмөнкү ишканаларда аныкталган:

– 158,7 млн сом – “Бишкек машина куруу заводу” ААКсында;

– 74,2 млн сом – “Хайдаркан сымап акционердик коому” ААКсында;

– 10,7 млн сом – “Мамлекеттик лотерея компаниясы” мамлекеттик ишканасында;

– 7,0 млн сом – “Кара-Балта спирт заводу” мамлекеттик ишканасында.

229,1 млн сом же 0,77% – бул, **жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында** аныкталган финансылык тартипти бузуу, сарамжалсыз жана натыйжасыз пайдаланылган ресурстар. Бул сумма төмөнкүдөй бузууларды камтыйт:

- ченемдик укуктук актыларда каралбаган булактардан түшкөн каражаттарды атайын эсептерге чегерүү;
- мектепке чейинки билим берүү уюмдарында тамактанууну уюштурууга кеткен чыгымдар белгиленген талаптарга ылайык ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) каражаттарынын эсебинен жүргүзүлүшү керек болсо, иш жүзүндө жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланган;
- кызматкерлердин эмгек акысына жана башка акчалай төлөмдөрүнө ченемден ашык чыгымдар;
- электр жана жылуулук энергиясын белгиленген лимиттен ашык керектөө.

Ош шаарынын мэриясы боюнча

Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин алкагында жергиликтүү бюджеттин 171,6 млн сом суммасында жоготуулары аныкталган. Анын ичинен:

– 54,5 млн сом – мектепке чейинки билим берүү уюмдарында тамактанууну уюштурууга кеткен чыгымдар белгиленген талаптарга ылайык ата-энелердин

(мыйзамдуу өкүлдөрдүн) каражаттарынын эсебинен жүргүзүлүшү керек болсо, иш жүзүндө жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланган;

– 43,1 млн сом – бюджеттик кредиттерди, гранттарды жана субсидияларды негизсиз бөлүп берүү;

– 3,3 млн сом – негизсиз төлөнгөн эмгек акыга байланыштуу жоготуулар;

– 70,7 млн сом – жергиликтүү бюджеттин аткарылышындагы башка бузуулар.

Жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар

Бюджеттик каражаттарды (бюджеттик жана атайын эсептин каражаттары), мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү, чет элдик кредиттердин жана гранттардын каражаттарын, бюджеттик кредиттерди жана чарба жүргүзүүчү субъекттерге берилген зайымдарды, ошондой эле КР Министрлер Кабинетинин кепилдиги алдында тартылган кредиттерди жана зайымдарды негизсиз пайдаланууга алып келбеген жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар.

Жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасы тарабынан, жол-жоболук мүнөздөгү бузуулардын 1 032 фактысы аныкталган.

4-таблица. Жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар

Бузуулардын түрү	Аныкталган учурлардын саны	%
Бюджетти түзүүдө орун алган бузуулар	34	3,3%
Бюджетти аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер	154	14,9%
Мүлктү пайдалануудагы бузуулар жана кемчиликтер	68	6,6%
Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуу	214	20,8%
Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы бузуулар	308	29,8%
Ченемдик укуктук актылардын жана эл аралык макулдашуулардын ченемдерин жол-жоболук бузуулар жана коллизиялар	254	24,6%
Бардыгы	**1 032**	**100,0**

2.2. Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит

КР Бюджеттик кодексинин 124-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына эки жылда бир жолудан кем эмес аудит жүргүзөт.

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан 16 шаардын мэрияларынын жана 241 айыл өкмөттөрүнүн бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит жүргүзүлгөн.

Шаарлардын бюджеттеринин аткарылышы

16 шаардын бюджеттеринин (анын ичинде областтык маанидеги 12 шаар – Каракол, Нарын, Токмок, Кара-Балта, Талас, Манас, Майлуу-Суу, Кара-Көл, Таш-Көмүр, Баткен, Сүлүктү, Кызыл-Кыя, республикалык маанидеги 2 шаарды (Бишкек жана Ошту) эске албаганда) түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттер тарабынан калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 1 077,9 млн сом суммасындагы финансылык тартип бузуулары аныкталган, анын ичинен, 676,3 млн сом же 62,7% калыбына келтирилген, 90,9 млн сом суммасындагы резервдер жана жоготуулар аныкталган.

5-таблица. Резервдердин, жоготуулардын жана тартип бузуулардын түрлөрү боюнча түзүм (млн сомдо)

Бузуулардын түрлөрү	Суммасы, млн сомдо	%
Бюджетти түзүүдө орун алган бузуулар	37,3	3,2%
Бюджетти аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер	401,4	34,3%
Мүлктү пайдалануудагы бузуулар жана кемчиликтер	622,8	53,3%
Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуу	107,3	9,2%
Бардыгы	**1 168,8**	**100,0**

Айыл өкмөттөрдүн бюджеттеринин аткарылышы

Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон, финансылык тартип бузууларынын жалпы суммасы 1 861,8 млн сом, анын ичинен калыбына келтирилгени – 1 407,8 млн сом, бул - калыбына келтирилүүгө тийиш болгон суммадан 75,6 пайызды түзөт. Аныкталган резервдер жана жоготуулардын жалпы суммасы – 241,5 млн сом.

6-таблица. Резервдердин, жоготуулардын жана тартип бузуулардын түрлөрү боюнча түзүм (млн сомдо)

Бузуулардын түрлөрү	Суммасы, млн сом	%
Бюджетти түзүүдө орун алган бузуулар	47,6	2,3%
Бюджетти аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер	577,1	27,4%
Мүлктү пайдалануудагы бузуулар жана кемчиликтер	1 285,4	61,1%
Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуу	192,8	9,2%
Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы бузуулар	0,4	0,0%
Бардыгы	**2 103,3**	**100,0**

2.3. Аудит субъектилери тарабынан жазма буйруктардын, сунуштамалардын жана сунуштардын аткарылышы

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы аудит субъектисине милдеттүү түрдө аткарууга жазма буйруктарды берүүгө укуктуу. Эреже катары, жазма буйрук өзүнө финансылык тартип бузууларынын калыбына келтирүүгө тиешелүү суммаларын, ошондой эле каражаттарды чыгымдоодогу аныкталган кемчиликтерди жана ченемдик укуктук актылардагы карама-каршылыктарды четтетүү боюнча сунуштарды камтыйт.

Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, жазма буйруктардан тышкары аудит субъектисине тиешелүү сунуштарды жана сунуштамаларды жөнөтөт.

Сунуш – бул, финансылык тартипти бузууга жол бергендиги үчүн күнөөлүү аудит субъектинин жетекчилерине карата, ошондой эле Эсептөө палатасынын талаптары аткарылбаган же аткаруу мөөнөттөрү сакталбаган учурларда чараларды көрүү жөнүндө сунуштар.

5-диаграмма.



2025-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча аудит субъектилерине **503 жазма буйрук, 306 сунуштама жана 7 сунуш** жөнөтүлгөн. Жалпы жөнөтүлгөн жазма буйруктардын ичинен толук көлөмдө аткарылганы - 107 (21,3%), жарым-жартылай аткарылганы – 176 (35,0%), 220 жазма буйрук (43,7%) аткарылууда.

Аудит субъектилери тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын талаптагыдай аткарылышына мониторинг жүргүзүү, артыкчылыктуу багыттардын бири болуп эсептелет жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдүн, ошондой эле аудит жүргүзүү процессине түздөн түз тартылган кызматкерлердин өзгөчө көзөмөлүндө тураарын, белгилей кетүү керек. Алсак, аудиттин программасын түзүүдө, мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча аудит субъектилеринин дарегине жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын аткарылышы эске алынат. Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын Кеңешинин кезектеги отурумдарында жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктарын кароодо жана отчетторду бекитүүдө, мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын жана сунуштарынын аткарылышы жөнүндө аудит субъектилеринин жетекчилеринин маалыматы угулат.

Жүргүзүлгөн аудиттерде аныкталган бузуулардын абдан ири суммалары жана жазма буйруктар менен калыбына келтирүүгө тийиш болгондор төмөндөгүлөр: КР республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча КР Финансы министрлигине жөнөтүлгөн жазма буйрук боюнча – 4 160,5 млн сом; Ош шаарынын мэриясына – 1 187,5 млн сом; Манас шаарынын мэриясына – 464,4 млн сом; КР Социалдык фондуна – 662,7 млн сом; “Кыргызиндустрия” ААКсы боюнча – 459,6 млн сом; КР Энергетика министрлигине караштуу акционердик коомдоруна – 241,5 млн сом; КР Экономика жана коммерция министрлигине – 228,1 млн сом.

Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын жана сунуштамаларын аткаруу иретинде аудит субъектилери тарабынан отчеттук жылы 171 кызмат адамы тартип жазасына тартылган, ошондой эле 14 кызмат адамы ээлеген кызмат ордунан бошотулган.

3. Отчеттук жылга карата республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги аспекттери

3.1. Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында 2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы төмөнкү позицияны кошпогондо, кошумча пикир менен, бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдардын талаптарына ылайык келгендиги аныкталды.

Пикирди эскертүү менен билдирүүгө негиз:

2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун каражаттары боюнча иш жүзүндөгү чыгашалар 823,6 млн сомго аз көрсөтүлүп, бурмаланган.

Аудиттин жыйынтыгы боюнча 3 материал укук коргоо органдарына укуктук баа берүү үчүн жөнөтүлдү (1 материал Башкы прокуратурага, 2 материал Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине). Алар:

1. КР бюджеттик тутумунун бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруу үчүн коммерциялык банктарды тандоо боюнча конкурстук комиссиянын протоколдорун талдоодо, комиссиянын чечим кабыл алуу процессинде бир катар кемчиликтер аныкталган. Мисалы, бардык талаптарга жооп берип, жогорку пайыздык чен сунушташканына карабастан, “Бакай Банк” ААКсы, “КСБ Банк” ЖАКы жана “Халык Банк” ААКсы тарабынан берилген сунуштар негизсиз түрдө четке кагылган. Мындай чечимдердин натыйжасында, мамлекеттик бюджеттин киреше булагы 27,7 миллион сомго кыскарган.

2. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамынын 17-беренесинин бузуу менен, КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, өзгөчө ыйгарым укуктары жок болгон “Кыргыз Маданият Сервис” мамлекеттик ишканасы менен, жалпы суммасы 651,2 млн сомду түзгөн жабдууларды жана авто унааларды сатып алуу боюнча мыйзамсыз келишимдерди түзгөн. Жыйынтыгында, бюджеттик каражаттар 82,6 млн сомго негизсиз, ашыкча жана максатсыз сарпталган, анын ичинен: реалдуу төлөмдөр менен жеткирүү актыларындагы айырма – 50,4 млн сом, реалдуу нарк жана жеткирүү актыларындагы айырма – 32,2 млн сом.

3. Төмөнкү Ала-Арча муниципалдык аймагындагы орто мектептин аймагына спорт аянтчасын куруу боюнча курулуш иштеринде 2,4 млн сомго жогорулатуу аныкталган.

Эсептөө палатасынын пикирин билдирүүгө таасир этпеген бузуулар:

4. 2024-жыл үчүн бухгалтердик жана жыйынтыктоочу отчеттордун маалыматтарына ылайык, мамлекеттин үлүшү бар бир катар акционердик коомдор, анын ичинде “Кыргызтелеком” ААКсы, “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААКсы, “Хайдаркан сымап комбинаты” ААКсы, “Учкун” ААКсы жана “Бакай Банк” ААКсы, финансылык жылдын жыйынтыгы боюнча жакшы таза финансылык натыйжа көрсөтүшкөн, бирок мыйзам менен белгиленген пайда бөлүгүн, мамлекеттик акциялар пакетине дивиденддер катары бөлүштүрүү чечими кабыл алынган эмес же, аталган

суммалар бюджетке которулган эмес. Дивиденддерден алынбай калган кирешелердин эсептик суммасы 66,8 млн сомду түзөт.

5. Айрым министрликтерде жана башка мамлекеттик органдарда 2024-жылдын жыйынтыгы менен 308,4 млн сомго товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын жана 835,0 млн сомго дебитордук карыздарды эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес.

6. KfWнин 53,2 млн сомдук каражаттары республикалык бюджет жөнүндө Мыйзамда ресурстук жана чыгымдар бөлүгүндө каралган эмес, б.а. толуктук принциби сакталган эмес.

7. “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” КР Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, мамлекеттик ишканалардын таза активдери мамлекеттик бириктирилген финансылык отчеттуулукта актив катары чагылдырылган эмес. Натыйжада, мамлекеттик активдердин жалпы көлөмү толук эмес көрсөтүлүп, 52 474,4 млн сом суммасындагы активдер сыртта калган.

8. И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы боюнча коммерциялык банктагы эсептеринде пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын 3,4 млн сом суммасындагы калдыгы республикалык бюджетке которулган эмес. Аудит учурунда калыбына келтирилди.

9. Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинде 601,1 млн сомго мамлекеттин активдерин төмөндөтүү фактысы аныкталган.

10. “Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан” темир жол компаниясы” ЖЧКга “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” МИнин атынан анын уставдык капиталына кошкон салымы катары каржыланган сумманын ичинен, Компаниянын (КТЖ) эсебинде курстук айырмадан 51,8 млн сомго калдык калган жана республикалык бюджетке өз убагында кайтарылган эмес. Аудит учурунда калыбына келтирилди.

11. “Кыргыз темир жолу” мамлекеттик ишканасынын активдеринде жана өздүк капиталында уставдык капиталга салымдардын чагылдырылбаган фактылары аныкталган, бул - мамлекеттик активдердин 7 520,7 млн сомго төмөн көрсөтүлүшүнө алып келген. Аудиттин жүрүшүндө бузуулар жоюлду.

12. 2024-жылы аудиттин негизинде, жергиликтүү бюджеттер тарабынан салыктык эмес кирешелерин түзүлгөн келишимдердин негизинде түзбөгөндүктөн, бюджеттин киреше бөлүгү 71,9 млн сомго аз бекитилгендиги аныкталды.

13. 31 жергиликтүү бюджеттердин жылдык баланстык отчетторунда жалпы суммасы 161,4 млн сомдук дебитордук карыздары чагылдырылган эмес. Аудит учурунда калыбына келтирилди.

14. Бишкек шаарынын мэриясы үчүн автобустарды сатып алууда үнөмдөлгөн 0,6 млн сом суммасындагы каражаттар республикалык бюджетке кайтарылган эмес.

15. 1000 автобус сатып алууда бажы төлөмдөрү боюнча айырмачылыктар аныкталган, анын натыйжасында 10,2 млн сом суммасында максаттуу трансферттердин калдыгы пайда болгон.

16. Бишкек ЖЭБин модернизациялоого багытталган каражаттар активдердин курамында чагылдырылган эмес, бул алардын төмөн көрсөтүлүшүнө алып келген.

17. Электр энергиясы үчүн жалпы 75,2 млн сомго 8 аймак/райондорду ашыкча каржылоо жүргүзүлгөн.

18. КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги №201 токтому

менен бекитилген, Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге максаттуу трансферттерди берүү тартибинин 33-пунктунун бузуу менен, Германия өнүктүрүү банкынын (KfW) гранттык каражаттарынан Бишкек шаарына автобустарын сатып алуу үчүн берилген каражаттардан үнөмдөлгөн 19,1 млн сомдун ичинен болгону 9,4 млн сом кайтарылган, калган 9,7 млн сом кайтарылган эмес.

19. “STIMGRANT” системасы аркылуу долбоорлорду ишке ашырууда иштердин наркына салыктардын негизсиз киргизилгендиги аныкталган, бул - бюджеттин 12,0 млн сом суммасындагы жоготуусуна алып келген.

20. Дем берүүчү гранттардын алкагында он үч долбоор тандалып, алардын аткарылган жумуштарына аудит жүргүзүлгөндө, жалпы суммасы 3,8 млн сомду түзгөн көтөрмөлөнгөн жумуштар аныкталды.

21. 2024-жылы Финансы министрлиги "ЧОИни колдоо" (COVID-19) долбоорунун эсебинен, микро, чакан жана орто ишканаларга жардам берүүгө эмес, министрликтин өзүнө 3,3 млн сомго 21 даана компьютер сатып алган. Бул аракет долбоордун каражаттарын максаттуу пайдалануу принцибин бузган, анткени, сатып алуу долбоордун максаттарына туура келбейт.

2024-жылга КР республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин отчету менен бул шилтеме аркылуу таанышсаңыз болот

Же көрсөтүлгөн QR-код аркылуу

3.2. 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы

КР Социалдык фондунун 2024-жылдагы бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча, төмөндө көрсөтүлгөн жагдайлардан тышкары, бюджеттин аткарылышы бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдуу жана ченемдик талаптарга ылайык келери аныкталды.

Пенсиялык фонддун чыгымдары 861,2 млн сомго үнөмдөлгөн шартта, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд (МТПФ) боюнча 750,8 млн сом суммасында ашыкча аткаруу белгиленген: пландаштырылган 4 031,6 млн сомдун ордуна иш жүзүндөгү түшүүлөр 4 782,4 млн сомду түзгөн.

Пенсиялык фонддун каражаттарынын эсебинен республикалык бюджеттин милдеттенмелери 660,8 млн сомго каржыланган: республикалык бюджеттен алынган трансферттердин көлөмү 39 367,2 млн сомду түзсө, иш жүзүндөгү каржылоо (калдык каражаттарды жана банктык кызматтар менен почта байланышына кеткен операциялык чыгымдарды эске алуу менен) 40 028,0 млн сомду түзгөн.

Каза болгон адамдардын атына 1,9 млн сом суммасында пенсиялар ашыкча төлөнгөн, аны кайтаруу булактары жок.

“Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтоо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндө” Мыйзамдын 19-беренесинин 3-пунктунун 1-пунктчасын бузуу менен, 200,0 млн сом суммасында облигациялар сатылып алынган.

“2024-жылга Социалдык фонддун бюджети жана 2025-2026-жылдарга пландуу

мезгил жөнүндө” Мыйзамга өз убагында өзгөртүүлөр киргизилбегендигине байланыштуу, МТПФ чыгымдары боюнча 72,1 млн сом суммасында ашыкча төлөмдөргө жол берилген.

Социалдык фонд тарабынан “Электрондук жеке кабинет” веб-порталы аркылуу камсыздандырылган жарандардын маалыматтарына жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу жана жеке кабинеттерди каттоо боюнча максаттуу көрсөткүчтөргө жетишилген эмес, буга чейин бул системаны иштеп чыгууга 8,4 млн сом сарпталганына карабастан.

Эмгек акы боюнча ашыкча чыгымдар жана ашыкча төлөмдөр 229,1 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле, мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө бузуулар аныкталган: “Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү башка бузуулар” – 71,6 миң сом (тендердик шарттар менен иш жүзүндөгү төлөмдөрдүн ортосундагы айырма).

2024-жылга КР Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчету менен бул шилтеме аркылуу таанышсаңыз болот

Же көрсөтүлгөн QR-код аркылуу

3.3. 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда (ММК фонду) жана анын аймактык башкармалыктарында жана саламаттыкты сактоо уюмдарында каражаттарды пайдалануу төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдын талаптарына шайкеш келери аныкталган.

Финансылык тартиптин сакталуусун камсыз кылуу боюнча иштерге жетишсиз деңгээлде көзөмөл жүргүзүлгөндүктөн, эмгек акы төлөө, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү, товардык-материалдык баалуулуктардын эсебинин толуктугун камсыздоо иштеринде шайкеш келбестиктер орун алган. Атап айтканда:

Жалпы бузуулардын, резервдердин жана жоготуулардын көлөмү – 480,0 млн сомду түзгөн. Анын ичинен, калыбына келтирүүгө тийиш болгон финансылык тартип бузуулардын суммасы 118,9 млн сом болсо, аудит учурунда 80,3 млн сом калыбына келтирилген, ал калыбына келтирилүүгө тийиш болгон сумманын 67,6 пайызын түзөт.

Аныкталган бузуулар, резервдер жана жоготуулар төмөндөгүдөй классификацияланган:

- бюджетти аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер – 354, 2 млн сом, бул товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларга түзүлгөн келишимдердеги каралган милдеттенмелерин мөөнөтүндө аткарылбагандыгы үчүн айыптык төлөмдөрдү эсептебөө; бош орундардын болгонунан, медициналык кызматкерлердин жетишпегендигинин кесепетинен жогорку жүктөмдөргө төлөмдөрдү жүргүзүү; эмгек мыйзамдарын бузуу менен айкалыштырып иштөө; ашыкча штаттык бирдиктерди күтүү; курулуш-куроо иштеринин көлөмүн жогорулатуу; ТМБ жана башка чыгымдар боюнча ченемден ашыкча чыгымдоолор;

• мүлктү пайдалануудагы бузуулар жана кемчиликтер 78, 4 млн сом, бул - мүлктөрдү натыйжасыз башкаруу жана мүлктү пайдаланууга байланыштуу бузуулар;

• эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуулар 47,4 млн сом, бул - негизги каражаттарды таануу жана эсепке алуу тартиби боюнча мыйзам бузуулар, дебитордук карыздарды эсепке алуу боюнча бузуулар.

Андан тышкары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы жол-жоболук бузуулар аныкталган:

• жеткирүүчүлөрдүн жоопкерчилиги каралбастан келишимдерди түзүүлөр - 226,9 млн сом;

• бир булактан сатып алуу методун колдонууда, КР Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган берүүчүлөрдүн тизмесине кирбеген жеткирүүчүлөрдөн сатып алуулар - 53,6 млн сом;

• ченемден ашыкча аванстык төлөмдөр (20 пайызга чейин белгиленген төлөмдүн ордуна толук төлөмдөр) - 18,6 млн сом ж.б.

2024-жылга КР Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчету менен бул шилтеме аркылуу таанышсаңыз болот

Же көрсөтүлгөн QR-код аркылуу

4. Евразиялык экономикалык биримдиктин (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоо жогорку органдары тарабынан жүргүзүлгөн биргелешкен иш-чаралар

Ташып келүүлөргө бажы суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды Кеңештин мүчө өлкөлөрүнүн бюджеттеринин кирешесине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколдун сакталышы боюнча ЕАЭБ мүчө өлкөлөрүнүн жогорку финансылык контролдоо органдары тарабынан жүргүзүлгөн контролдук иш-чаралар.

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын, Армения Республикасынын Аудитордук палатасынын, Казакстан Республикасынын Жогорку аудитордук палатасынын жана Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын өкүлдөрүнөн турган топтун курамында, Белоруссия Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитетинин төрагалыгынын алдында, 2024-жылы Кыргыз Республикасынын, Армения Республикасынын, Белоруссия Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Россия Федерациясынын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан ташып келүүлөргө бажы алымдарынын (эквиваленттик таасирге ээ жыйымдар жана салыктар, жана башка алымдар) суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды мүчө-өлкөлөрүнүн бюджеттеринин кирешесине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколдун сакталышына контролдук иш-чаралар жүргүзүлгөн.

2024-жылы Бирликке мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан Бирликке мүчө мамлекеттер ортосунда ташып келүүлөргө бажы суммаларын чегерүү тартиби жалпысынан сакталган.

Армения Республикасы тарабынан 2023-жылдын 5-июнунда мамлекеттик төлөмдөрдүн электрондук системасы “e-payments” аркылуу бажы төлөмдөрү эки жолу жаңылыш которулгандыгы боюнча маселе, Комиссия Кеңешинин 2025-жылдын 8-июлундагы жыйынында жетишилген макулдашууларга ылайык, 2025-жылдын 6-августунда бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон бажы төлөмдөрүн жаңылыш которулган төлөмдөрдүн суммасына азайтуу жолу менен жөнгө салынган.

2024-жылы Бирликке мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан кирүүчү бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүү боюнча Протокол менен белгиленген ченемдердин сакталышы камсыз кылынган.

2024-жылы Бирликке мүчө мамлекеттердин бюджеттерине ташып келүүлөргө бажы суммаларынан түшүүлөр 15,3 млрд АКШ долларын түзүп, 2023-жылга салыштырмалуу 0,3 млрд АКШ долларына, же 2 пайызга көбөйгөн.

Төмөндөгүлөр үчүн 2024-жылы Бирликке мүчө мамлекеттердин ортосунда ташып келүүлөргө бажы суммаларынын утурлама агымдарынын терс калдыгы түзүлгөн:

- Казакстан Республикасында − “минус” 544,1 млн АКШ доллары;
- Кыргыз Республикасында − “минус” 225,0 млн АКШ доллары;
- Армения Республикасында – “минус” 133,0 млн АКШ доллары.

Төмөндөгүлөр үчүн көбөйтүү тарабына сальдо (айырма) түзүлгөн:

- Беларусь Республикасында – 46,5 млн АКШ доллары;
- Россия Федерациясында – 820,1 млн АКШ доллары.

Мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан кирүүчү бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүү мөөнөттөрүн жана аларды которуу тартибин сактабаган фактылар, ошондой эле бөлүштүрүлгөн кирүүчү бажы алымдарынын суммаларын Бирликке мүчө мамлекеттерге которуу боюнча эсептешүү (төлөм) документтеринин (төлөм тапшырмаларынын) өз убагында жөнөтүлбөгөн фактылары аныкталган жок.

2024-жылы Бирликке мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан Протоколдун 5-пунктунда каралган түшүүлөрдү өзүнчө эсепке алуу талабы жалпысынан сакталган.

2024-жылы ташып келүүлөргө бажы алымдарынын бөлүштүрүлбөөчү суммасы (кайтарууларды эсепке алуу менен) Беларусь Республикасында - 190,6 миң бел. рублин, Казакстан Республикасында – 4 313,2 млн теңге, Россия Федерациясында – “минус” 1 514,6 миң росс. рублин түзгөн. Армения жана Кыргыз Республикаларына бөлүштүрүлбөөчү ташып келүүлөргө бажы алымдары келип түшкөн эмес.

2024-жылы Казакстан Республикасында бөлүштүрүлбөй турган кирүүчү бажы алымдарынын суммасы 4 313,2 млн теңгени түзгөн, анын курамында жер казынасын пайдаланууучулардан түшкөн түшүүлөр чагылдырылган. Көрсөтүлгөн суммалар бөлүштүрүлгөн эмес. Бирликке мүчө мамлекеттердин бюджеттерине которулган эмес, кирүүчү бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү боюнча отчеттордо чагылдырылган эмес.

2024-жылы ташып келүүлөргө ашыкча төлөнгөн (ашыкча өндүрүлгөн) бажы алымдарын кайтаруу, Протоколдун жоболоруна ылайык, ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлгөн.

Протоколдун 51-пункту менен каралган ташып келүүлөргө бажы алымдарын төлөө менен байланышкан маалымат алмашуу, борбордук бажы органдарынын

ортосунда 2024-жылы Бирликтин жалпы ИИС процессин колдонуу менен жүргүзүлгөн эмес.

ЕАЭБ органдарында тышкы аудитти (контролду) жүргүзүү

2025-жылы ЕАЭБ органдарында тышкы аудитти (контролду) жүргүзүү планына жана программасына ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын, Армения Республикасынын Аудитордук палатасынын, Беларусь Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитетинин, Казакстан Республикасынын Жогорку аудитордук палатасынын жана Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын өкүлдөрүнөн турган инспектордук топ тарабынан төмөндөгүлөр жүргүзүлдү:

- 2024-жыл үчүн ЕАЭБнин бюджетинин аткарылышына тышкы аудит (контроль);
- 2025-жылдын 1-жарым жылдыгына (кезектеги аудит) ЕАЭБнин бюджетинин аткарылышына тышкы аудит (контроль);
- 2026-жылга ЕАЭБнин бюджетинин түзүлүшүнө тышкы аудит (контроль) (алдын ала аудит).

Тышкы аудиттин (контролдун) субъектилери болуп төмөндөгү ЕАЭБ органдары саналат:

1. Евразиялык экономикалык комиссия;
2. Евразиялык экономикалык бирликтин соту.

Евразия экономикалык бирлигинин органдарындагы тышкы аудит (контроль) жүргүзүү жыйынтыгы боюнча, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин Финансылык контролдук жогорку органдары тарабынан жыйынтык отчеттор бекитилип, жыйынтык отчетторду Жогорку Евразиялык экономикалык кеңештин кароосуна киргизүү боюнча биргелешкен чечим кабыл алынган.

5. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу

5.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенти, Министрлер Кабинети, мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамына ылайык, Эсептөө палатасы өз ишинде КР Жогорку Кеңешине жана Президентине отчет берүүчү мамлекеттик аудиттин көз карандысыз жогорку органы болуп саналат.

2025-жылдын ичинде Эсептөө палатасынын дарегине КР Президентинин Администрациясынан ар түрдүү маалыматтарды жана маалымдамаларды берүү жөнүндө 293 кат келип түшкөн. Ошондой эле, Эсептөө палатасы тарабынан, КР Президентинин Администрациясынын дарегине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча 62 отчет жөнөтүлгөн.

КР Жогорку Кеңешинен 48 кат келип түшкөн, анын ичинде жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча отчетторду жана маалыматтарды берүү боюнча 17 суроо-талап, аудит жүргүзүү боюнча 7 тапшырма, кеңешмелерге жана талкууларга катышууга 16 чакыруулар жана башка каттар – 8.

Эсептөө палатасынын демилгеси боюнча, жыл ичинде КР Жогорку Кеңешинин дарегине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасынын Кеңешинин кабыл алынган токтомдорунун негизинде 31 отчет жана корутундулар жөнөтүлгөн.

5.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү

Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү боюнча Эсептөө палатасынын иши туруктуу негизде жүргүзүлөт. “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамынын ченемдерине ылайык, мамлекеттик, укук коргоо жана башка органдар менен өз ара аракеттенишүү, алар менен кызматташуу жөнүндө макулдашууларды түзүү боюнча Эсептөө палатасынын функциясы аныкталган. Бул багыттын алкагында, Эсептөө палатасы аудитордук жана эксперттик-аналитикалык иш-чаралардын жыйынтыктары боюнча аларда кылмыш курамынын белгилери болгондо укук коргоо органдарына материалдарды берүүгө укуктуу.

Ошентип, 2025-отчеттук жыл ичинде тиешелүү кароо үчүн, Эсептөө палатасы тарабынан укук коргоо органдарына аудиттин 5,6 млрд сом суммасындагы 116 материалы жөнөтүлгөн.

Анын ичинен прокуратура органдарына – 3,4 млрд сомго аудиттин 57 материалы; улуттук коопсуздук коргоо органдарына – 2,2 млрд сомго аудиттин 54 материалы, ички иштер органдарына – 16,5 миң сомго аудиттин 5 материалы жөнөтүлгөн.

Укук коргоо органдары тарабынан кароонун жыйынтыгы менен, аудиттин 14 материалы боюнча жазык иши козголгон, анын ичинен: 4 жазык иши сотко жөнөтүлгөн; 3 жазык иши кыскартылган; 2 жазык иши боюнча өндүрүш иши убактылуу токтотулуп турат; 5 жазык иши боюнча тергөө иштери жүрүп жатат. Андан тышкары, 1 материал башка жазык иштеринин материалдарына тиркелген.

Аудиттин 2 материалы боюнча тийиштүү маалымкаттар түзүлгөн, 12 материалы боюнча жазык ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Аудиттин 23 материалы боюнча прокурордук чара көрүү актысы чыгарылган, 64 материал боюнча укук коргоо органдары тарабынан кароо баскычында турат.

Прокурордук чара көрүү актыларын кароонун жыйынтыгы боюнча 14 адам тартиптик жоопкерчиликке тартылган. 2025-жылдын аягына карата укук коргоо органдары тарабынан 32,1 млн сом калыбына келтирилген.

5.3. Эл аралык кызматташуу

Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюму (INTOSAI) менен өз ара аракеттенишүү INTOSAIнин Өнүктүрүү демилгесинин (IDI) алкагында, Польша мамлекетинин жогорку аудит органы (Польша АЖО) менен биргеликте КР Эсептөө палатасынын институционалдык өнүгүүсүн жогорулатууга багытталган долбоорду ишке ашыруу боюнча иштер жүргүзүлдү. Аталган иштин жыйынтыгында тышкы мамлекеттик аудитти жүргүзүүнүн методологиясы жана тартиби жаатында тажрыйба алмашуу, кесиптик көндүмдөрдү өркүндөтүү тармагында өз ара аракеттенүү, маалыматтык жана маалымдамалык материалдар менен алмашуу,

консультацияларды уюштуруу жана өткөрүү, ошондой эле биргелешкен изилдөөлөрдү жана параллелдүү аудиттик иш-чараларды жүргүзүү багытында натыйжалуу кызматташтык камсыздалды.

Долбоор аяктагандан кийин, 2025-жылдын 25-ноябрында Бишкек шаарында 2023-2025-жылдары ишке ашырылган Жогорку аудит органдарынын отчеттуулугу боюнча глобалдык демилге (GSAI) – Кыргызстан (1-фаза) долбоорунун расмий жабылуу аземи болуп өттү.

Муну менен бирге, 2025-жылдын 26-ноябрында КР Эсептөө палатасынын имаратында GSAI – Кыргызстан долбоорунун Жетектөөчү комитетинин жыйыны өткөрүлүп, анын жүрүшүндө Польша АЖО тарабынан аткарылган иштер тууралуу маалымат сунушталды, 2025-жыл үчүн долбоордун аткарылышы боюнча отчет угулду, ошондой эле долбоордун жыйынтыктоочу отчету талкууланып, бекитилди.

Мындан тышкары, 2025-жылдын октябрь айында Шарм-эль-Шейх (Египет) шаарында КР Эсептөө палатасынын төрагасы XXV INTOSAI Конгрессине катышты. Конгресс негизги эки темага арналды: “Финансылык-экономикалык кризистер мезгилинде борбордук банктарды жана өкмөттүн ишмердүүлүгүнө аудит жүргүзүүдө Жогорку аудит органдарынын ролу” жана “Аудитте жасалма интеллект ыкмаларын колдонуу”. Конгресстин жыйынтыгында мамлекеттик аудитти андан ары өнүктүрүү боюнча негизги корутундулар жана сунуштар камтылган Шарм-эль-Шейх декларациясы кабыл алынды.

Конгресстин алкагында бир катар жумушчу жолугушуулар өткөрүлдү. Атап айтканда, Швейцариянын Экономикалык маселелер боюнча мамлекеттик катчылыгынын (SECO) өкүлдөрү менен жолугушуу болуп, анын жүрүшүндө Борбор Азия өлкөлөрүнүн Жогорку аудит органдарын колдоо программасын даярдоо маселелери талкууланды.

Ошондой эле, Бириккен Араб Эмираттарынын Жогорку аудит органынын Контроль жана аудит боюнча комитетинин төрагасы Ваэль Абдул Кадер мырза менен жолугушуу өткөрүлүп, анда КР Эсептөө палатасы менен Бириккен Араб Эмираттарынын Жогорку аудит органынын ортосундагы кызматташтык жөнүндө колдонуудагы Макулдашуунун алкагындагы өз ара аракеттенишүү маселелери, ошондой эле мамлекеттик аудит тармагындагы өнөктөштүктү өнүктүрүү жана тажрыйба алмашуу келечеги талкууланды.

Мындан тышкары, 2025-жылдын декабрь айында Стамбул шаарында КР Эсептөө палатасынын кызматкерлери квалификациясын жогорулатуу максатында INTOSAIнин Өнүктүрүү демилгеси (IDI) тарабынан уюштурулган Жогорку аудит органынын башкаруу академиясынын семинарына катышышты.

Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине (КМШ) катышкан мамлекеттердин жогорку мамлекеттик аудит (финансылык контролдоо) органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин алкагындагы өз ара аракеттенишүү

2025-жылдын май жана декабрь айларында видеоконференция форматында КМШга мүчө мамлекеттердин Жогорку мамлекеттик аудит (финансылык көзөмөл)

органдарынын мамлекеттик аудиттин (финансылык көзөмөлдүн) стандарттарын иштеп чыгуу боюнча Жумушчу тобунун XXV жана XXVI жыйындары өткөрүлдү.

Мындан тышкары, 2025-жылдын сентябрь айында Чолпон-Ата шаарында “Мамлекеттик аудиттин көз карандысыздыгын камсыз кылуу” темасында семинар болуп өттү. Иш-чара КР Эсептөө палатасы тарабынан КМШга мүчө мамлекеттердин Жогорку мамлекеттик аудит (финансылык көзөмөл) органдарынын жетекчилеринин кеңешинин төрагалыгынын алкагында, ошондой эле КМШга мүчө мамлекеттердин Жогорку аудит органдарынын жетекчилер кеңешинин XX жана XXI сессияларынын ортосундагы мезгилге карата иш планын ишке ашыруу максатында уюштурулду.

Ошону менен бирге, 2025-жылдын 29-октябрында Шарм-эль-Шейх (Египет) шаарында INTOSAIнин 25-конгрессинин алкагында КМШга мүчө мамлекеттердин Жогорку мамлекеттик аудит (финансылык көзөмөл) органдарынын жетекчилер кеңешинин XXI сессиясы болуп өттү. Сессиянын жүрүшүндө КР Эсептөө палатасы Кеңештеги өзүнүн төрагалыгын аяктап, XX жана XXI сессиялардын ортосундагы мезгилдеги ишмердүүлүгү тууралуу отчетун сунуштады. 2023-2025-жылдардагы иштердин жыйынтыгы чыгарылып, КМШга мүчө мамлекеттердин Жогорку аудит органдарынын жетекчилер кеңешинин XXI жана XXII сессияларынын ортосундагы мезгилге карата иш пландары бекитилди. Ошону менен катар, жолугушууда XXI сессиянын жыйынтыктоочу документтери (резолюция, чечим, XXI жана XXII сессиялардын ортосундагы мезгилге карата иш планы) кабыл алынып, кол коюлду. Мындан тышкары, КМШга мүчө мамлекеттердин Жогорку мамлекеттик аудит (финансылык көзөмөл) органдары үчүн мамлекеттик аудиттин (финансылык көзөмөлдүн) стандарттарын иштеп чыгуу боюнча Жумушчу топ даярдаган методологиялык документтер бекитилди.

Аудиттин жогорку органдарынын Азия уюму менен кызматташуу (ASOSAI)

2025-жылдын башында КР Эсептөө палатасынын кызматкерлери Манила (Филиппины) шаарында өткөн жана Жогорку аудит органдарынын Азия уюмунун Катчылыгы тарабынан уюштурулган “ASOSAI аймагындагы Жогорку аудит органдарынын жана жарандык коом уюмдарынын катышуусун кеңейтүү” темасындагы эки күндүк семинарга катышышты.

Ошондой эле, май айында Санкт-Петербург шаарында ASOSAIнин аймактык жана муниципалдык деңгээлдеги аудит боюнча Жумушчу тобунун биринчи жылдык жыйыны болуп өттү.

Иш-чаранын алкагында “Аймактык инфра түзүмдүк долбоорлордун аудити” темасында эл аралык тегерек үстөл жана Жумушчу топтун жыйыны өткөрүлүп, анда топтун Регламенти жана Иш планы бекитилип, ошондой эле вице-төрага шайланды.

Шанхай Кызматташтык Уюмуна (ШКУ) мүчө мамлекеттердин Жогорку аудит органдарынын кызматташтыгы

2025-жылдын февраль айынын аягында видеоконференция форматында Кыргыз

Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кытай Эл Республикасынын жана Пакистан Ислам Республикасынын Жогорку аудит органдарынын өкүлдөрүнүн биргелешкен жыйыны болуп өттү. Жыйындын жүрүшүндө ШКУга мүчө мамлекеттердин айыл чарба тармагындагы параллелдүү аудиттин жыйынтыктары талкууланды.

Ошондой эле, 2025-жылдын ичинде КР Эсептөө палатасынын кызматкерлери ШКУнун финансылык документтерине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды даярдоо үчүн түзүлгөн Убактылуу жумушчу комитеттин жыйындарына катышышты.

Мындан тышкары, август айында КР Эсептөө палатасынын кызматкерлери “Катуу коммуналдык калдыктарды башкаруунун аудити” темасындагы виртуалдык семинарга катышышты. Семинар тажрыйба алмашууга, ШКУга мүчө мамлекеттердин Жогорку аудит органдарынын ортосундагы кызматташтыкты чыңдоого жана аудит тармагындагы практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган.

Сентябрь айында КР Эсептөө палатасынын кызматкери Кытайда өткөрүлгөн ШКУга мүчө мамлекеттердин жаш аудиторлору үчүн окутуу семинарына катышты. Программанын алкагында катышуучулар мамлекеттик аудиттин заманбап ыкмалары, анын ичинде аудит ишин санариптештирүү жана финансылык көзөмөлдөөдө инновациялык технологияларды колдонуу маселелери менен таанышышты.

ТҮРКСАИнин алкагындагы кызматташтык

2025-жылдын ноябрь айында Стамбул (Түркия) шаарында түрк мамлекеттеринин Жогорку аудит органдарынын жетекчилеринин жолугушуусу болуп өттү. Жолугушуу Түрк мамлекеттеринин Жогорку аудит органдарынын уюмун (ТҮРКСАИ) түзүүгө арналды.

Демилгенин алкагында катышуучу өлкөлөрдүн Жогорку аудит органдарынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү чыңдоо, мамлекеттик аудиттин стандарттары жаатында тажрыйба алмашуу каралган.

Иш-чаранын жүрүшүндө уюмду түзүү тууралуу протоколго жана кызматташуунун негизги принциптерин бекемдеген ТҮРКСАИни түзүү боюнча Стамбул декларациясына кол коюлду.

Чет өлкөлөрдүн жогорку аудит органдары менен кызматташуу

2025-жылдын май айында КР Эсептөө палатасынын кызматкерлери Казань шаарында өткөн “Россия – Ислам дүйнөсү: KazanForum” XVI Эл аралык экономикалык форумунун алкагында уюштурулган “Заманбап дүйнөдө мамлекеттик аудит мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыктарын коргоодо” деген темадагы атайын сессияга катышышты.

Сентябрь айында КР Эсептөө палатасынын өкүлдөрү Сеул (Корей Республикасы) шаарында өткөн “Аудитордук потенциалды жогорулатуу программасы” темасындагы семинарга катышышты. Семинар аудиторлордун кесиптик компетенцияларын өнүктүрүүгө жана мамлекеттик аудит жаатында тажрыйба алмашууга багытталган.

Мындан тышкары, сентябрь айында КР Эсептөө палатасынын кызматкерлери

Жидда (Сауд Арабия Падышалыгы) шаарында өткөн тажрыйба алмашуу боюнча стажировка программасына катышышты. Анын жүрүшүндө алар, Сауд Арабия Падышалыгынын Башкы аудиторлук сотунун мамлекеттик органдардын ишинде заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу, мамлекеттик башкарууну санариптик трансформациялоо жаатындагы тажрыйбасы менен таанышышты.

Азия Өнүктүрүү Банкы менен өз ара аракеттенишүүнүн алкагында КР Эсептөө палатасы, Монголиянын Улуттук аудит башкармалыгы жана Азия өнүктүрүү банкынын ортосунда үч тараптуу иштер жүргүзүлдү. Биргелешкен иштин жыйынтыгында, 2025-жылдын ноябрь айында КР Эсептөө палатасынын төрагасы жетектеген делегация Улан-Батор (Монголия) шаарындагы Монголиянын Улуттук аудит башкармалыгына иш сапары менен барды. Делегация, Монголиянын Жогорку аудит органынын уюштуруу түзүмү жана ишмердүүлүгү, аудиттин сапатын башкаруу системасы, финансылык аудитти, натыйжалуулук аудитин жана шайкештик аудитин жүргүзүү практикасы, санариптик аспаптар жана кадрларды даярдоо системасы менен таанышты.

5.4. Коомчулук менен байланышуу

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча КР Эсептөө палатасы коомчулук менен натыйжалуу өз ара аракеттенишүүнү камсыз кылууга өзгөчө көңүл буруп, ачык-айкындуулук жана жеткиликтүүлүк принциптерине негизделген ырааттуу саясатты жүргүзүүнү улантты. Бул багыттагы ишмердүүлүк мамлекеттик аудиттин сапатын жогорулатууга гана эмес, коомчулуктун ишенимин бекемдөөгө да өбөлгө түздү.

Коомчулукту кеңири жана ыкчам маалымат менен камсыз кылуу максатында Эсептөө палатасы расмий веб-сайтты, социалдык тармактарды, YouTube видеоплатформасын жана Telegram-каналды активдүү пайдаланууда. Бул каналдар аркылуу аудиттин жыйынтыктары, аналитикалык материалдар, түшүндүрмөлөр жана башка маанилүү маалыматтар жеткиликтүү форматта сунушталууда. Натыйжада, маалыматты кабыл алуу жеңилдеп, ар түрдүү аудиториялар менен түз байланыш түзүлдү.

2025-жылы мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган пресс-релиздердин жана маалыматтык материалдардын саны мурунку жылдын деңгээлинде болуп, 130 пресс-релиз өлкөнүн алдыңкы маалымат каражаттары аркылуу кеңири чагылдырылды. Медиада жарыяланган 700гө жакын материалдар, Эсептөө палатасынын ишмердүүлүгүнө болгон коомдук кызыгуунун жана ишенимдин жогорулап жатканын көрсөтөт. Ошондой эле, отчеттук жыл ичинде жарандардан 78 жазуу жүзүндө жана электрондук кайрылуу келип түшкөн, алар боюнча өзүнчө көзөмөл жүргүзүлүп, кайрылуулар “Жарандардын кайрылууларын караштыруунун тартиби жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык каралууда. Мындай динамика максаттуу маалыматтык саясаттын жана ачык коммуникациянын түздөн-түз натыйжасы болуп саналат.

Аудит отчетторунда камтылган маалыматтар айрым учурларда, текшерилген мамлекеттик органдардын сын-пикирлерин жаратышы мүмкүн. Бирок, бул жагдай конструктивдүү диалогду өнүктүрүүгө, кемчиликтерди жоюуга жана башкаруу системаларын жакшыртууга шарт түзөт. Ушуга байланыштуу, отчеттук жылы мамлекеттик органдардын басма сөз кызматкерлери менен ар кандай аятнчаларда жана ар түрдүү форматта жолугушуу менен аудиттин мааниси, типтүү бузуулар жана аларды алдын алуу механизмдери боюнча түшүндүрмөлөр берилип жатты. Бул демилге, мамлекеттик органдардын маалыматтык ачыктык маданиятын жогорулатууга

көмөктөшкөнү шексиз.

Жалпысынан алганда, 2025-жылы коомчулук менен байланыш багытында жүргүзүлгөн иштер Эсептөө палатасынын институционалдык ачыктыгын жаңы деңгээлге чыгарды. Алдыда да бул багыттагы иштер улантылып, заманбап коммуникациялык аспаптарды колдонуу аркылуу коомчулук менен активдүү жана натыйжалуу диалогду өнүктүрүү негизги артыкчылыктардын бири бойдон калат.

6. Коррупцияга каршы иш-чаралар

Эсептөө палатасы коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын келип чыгуу себептерин жоюу боюнча иш-чараларды активдүү жүзөгө ашырууда. Анын түзүмүндө атайын бөлүм иштеп, борбордук аппаратта да, аймактык бөлүмдөрдө да коррупциялык көрүнүштөрдү алдын алуу жана аны аныктоо менен алектенет.

2025-жылы КР Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” Жарлыгынын негизинде, Эсептөө палатасынын 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы иш-чаралар планы иштелип чыгып, бекитилди.

Эсептөө палатасы медиадагы коррупция маселелери, коррупциялык факторлор, коррупцияга каршы саясатты жүзөгө ашырууга байланыштуу чаралар боюнча жарыяланган материалдарга туруктуу мониторинг жүргүзүп турат. Ошондой эле, Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан жасалган коррупциялык мыйзам бузуулар фактылары боюнча кызматтык териштирүү иштери жүргүзүлөт.

Отчеттук жылы Эсептөө палатасынын “Ишеним телефонуна” 216 чалуу келип түшүп, ар бир кайрылуу боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлдү. Кайрылууларды тутумдаштыруу жана алардын мүнөзүн талдоо максатында ички каттоо жүргүзүлүүдө.

“Ишеним телефону” аркылуу түшкөн кайрылуулардын ичинен 3 кайрылуу боюнча кызматтык териштирүү жүргүзүлдү. Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областындагы аймактык бөлүмдүн кызматкерлерине аудит жүргүзүү учурунда жасаган мыйзам бузуулары үчүн тартиптик жоопкерчилик чаралары колдонулду, атап айтканда: 1 кызматкер ээлеген кызматынан бошотулду, 1 кызматкерге “эскертүү”, 1 кызматкерге “оозеки эскертүү” берилди.

7. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо

7.1. Методологиялык камсыздоо

Мамлекеттик аудиттин натыйжалуу иштеши экономикалык жактан өнүккөн мамлекетти түзүүдө маанилүү роль ойнойт. Мамлекеттик аудиттин алкагында Жогорку мамлекеттик аудит органдарына бюджеттик каражаттардын жана мамлекеттик менчиктин натыйжалуу пайдаланылышын талдоо жүргүзүү милдети жүктөлөт. Бул максатта, алдыңкы эл аралык тажрыйбага негизделген методологиялык базаны иштеп чыгуу маселеси актуалдуу болуп турат.

“Эсептөө палатасы жөнүндө” КР конституциялык Мыйзамына ылайык, Эсептөө палатасы өз ишмердүүлүгүн эл аралык аудит стандарттары (ISSAI) менен жүргүзөт. 2025-жылы негизги көңүл аудитордук ишмердүүлүктүн методологиялык базасын өркүндөтүүгө, аудит иш-чараларын жүргүзүүдө ыкмаларды бирдей кылууга, пландоо, жүргүзүү жана аудиттин натыйжаларын документтештирүүнүн сапатын жогорулатууга

бурулду.

ISSAI — мамлекеттик сектордо аудитордук ишке кадыр-барктуу эл аралык стандарттар болуп саналат. Анын негизги милдеттери:

- жүргүзүлгөн аудиттердин сапатын камсыз кылуу;
- аудит отчетторуна колдонуучулардын ишенимин жогорулатуу;
- аудит процесстеринин ачык-айкындыгын камсыздоо;
- аудиторлордун жоопкерчилигин башка катышуучуларга карата аныктоо;
- мамлекеттик сектордогу аудит үчүн бирдиктүү терминологияны камсыз кылган аудит тапшырмаларын жана концепцияларды аныктоо.

Эсептөө палатасынын иш процессин, анын ичинде аудиттин методологиялык базасын өркүндөтүү максатында, 2023-жылдын 14-июлунда Бишкекте Эсептөө палатасы, Польша Республикасынын Жогорку аудит органы жана INTOSAIнин Өнүктүрүү демилгеси (IDI) ортосундагы Үч тараптуу кызматташтык боюнча келишим, ошондой эле Эсептөө палатасы менен Польша Республикасынын Жогорку аудит органынын ортосундагы эки тараптуу келишим түзүлгөн.

2025-жылы аталган келишим алкагында, Эсептөө палатасынын потенциалын бекемдөөгө багытталган долбоор ишке ашырылды. Долбордун негизги максаты — ISSAI стандарттарынын талаптарын эске алып, аудиттин методологиясын жакшыртуу болду.

Отчеттук жылы долбоордун алкагында эки методикалык колдонмо иштелип чыгып, бекитилди: 1) натыйжалуулук аудитине; 2) финансылык жана шайкештик аудитине. Жаңыланган методологияларга ылайык, Эсептөө палатасынын кызматкерлери Польша АЖО эксперттеринин консультациялык колдоосу менен, үч түрдөгү пилоттук аудиттерди жүргүзүштү.

ISSAI методологияларын ийгиликтүү адаптациялоо максатында, Польша АЖО эксперттери тарабынан Эсептөө палатасынын инспектордук курамына окуу тренингдери өткөрүлдү. 2025-жылы 40 кызматчы окуудан өттү. Бул тренингдерге инспекторлордон тышкары, жүргүзүлгөн аудиттин сапатын камсыз кылган кызматкерлер да катышышты.

Мындан тышкары, аудит субъекттери, парламент, мамлекеттик органдар, массалык маалымат каражаттары жана коомчулук менен өз ара аракеттенүү боюнча Эсептөө палатасынын коммуникациялык системасы талдоого алынып, бааланган. Жыйынтыгында, 2026-2030-жылдарга карата Коммуникациялык стратегия иштелип чыгып, бекитилди.

Учурда, Эсептөө палатасы өз ишмердүүлүгүнө санариптештирүү компоненттерин киргизүү боюнча активдүү иш жүргүзүүдө. IDI программасынын “pICTure” демилгеси алкагында, Польша АЖО эксперттеринин катышуусу менен 2025-жылы Эсептөө палатасынын 2025-2026-жылдарга карата маалыматтык жана коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү стратегиясы иштелип чыгып, бекитилди.

2025-жылдын 25-ноябрында Эсептөө палатасы, Польша АЖО жана IDI ортосундагы GSAI долбоорун колдоо боюнча 2023-2025-жылдардагы натыйжаларды талкуулоо боюнча жолугушуу болуп өттү. Жолугушууга Польша АЖО, IDI, Кыргыз Республикасынын Президенттин Администрациясынын, Жогорку Кеңештин, Министрлер Кабинетинин, мамлекеттик органдардын жана медианын өкүлдөрү катышты. Долбоордун натыйжалары Эсептөө палатасы, Польша АЖО жана IDI өкүлдөрү тарабынан жогорку бааланган. Польша АЖО менен IDI андан ары

кызматташуу максатында, GSAI 2 долбоорун улантуу боюнча иш-чаралар иштелип жатат.

Мындан тышкары, Эсептөө палатасынын методологиялык базасын чыңдоо, аудит иш-чараларын жүргүзүү процессин тартипке салуу жана аудит отчетторунун сапатын жогорулатуу максатында, Эсептөө палатасынын жаңы Регламенти; Эсептөө палатасынын стандарттары; Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүү боюнча Методикалык сунуштамалар; Капиталдык салымдар жана учурдагы оңдоо иштерине чыгымдалган каражаттарга аудит жүргүзүү боюнча методикалык көрсөтмөлөр; Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына аудит жүргүзүү боюнча колдонмо; Эсептөө палатасынын аудит ишин пландоо боюнча колдонмо; Эсептөө палатасынын ишиндеги коррупциялык тобокелдиктерди баалоо жана башкаруу жөнүндө колдонмо иштелип чыгып, бекитилди.

Мамлекеттик аудиттин методологиясын өркүндөтүү боюнча иштин негизги багыттары, КР Президентинин 2025-жылдын 23-июнундагы №188 “Мамлекеттик финансылык аудитти өркүндөтүү чаралары жөнүндө” Жарлыгынын аткарылышынын алкагында жүзөгө ашырылды.

Жарлыктын алкагында Эсептөө палатасы тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген документтер: Кыргыз Республикасынын Президентинин тапшырмалары жана Жогорку Кеңештин токтомдору боюнча аудит иш-чараларын өткөрүү тартиби; Эсептөө палатасынын материалдарын укук коргоо органдарына өткөрүү тартиби. Бул документтерди кабыл алуу, аудит иш-чараларын жүргүзүү жол-жоболорун тартипке келтирип, натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берди.

Ошондой эле, командировка чыгымдарын азайтуу максатында, КР Тышкы иштер министрлиги менен “Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелеринде аудиттик иш-чараларды жүргүзүүдө өз ара аракеттенүү жөнүндө” мамлекеттик органдардын ортосундагы макулдашуу түзүлдү.

Эсептөө палатасынын окутуу ишмердүүлүгүн күчөтүү максатында, кызматкерлерди кесиптик жакшыртууга жана мамлекеттик аудиттин методологиялык базасын өнүктүрүүгө багытталган Окуу сектору түзүлдү.

Санариптештирүү багытында аудит процесстеринде КР Финансы министрлиги жана “Инфосистемс” мамлекеттик ишканасы менен биргеликте “Электрондук аудит” маалыматтык системасын киргизүү боюнча иш жүргүзүлүүдө, бул - жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын ачыктыгын, ыкчамдуулугун жана сапатын жогорулатууга жардам берет.

7.2. Кадрдык камсыздоо

Отчеттук жылдын аягында Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматкерлеринин штаттык саны 246 бирдикти түзүп, анын ичинен, факты жүзүндө 234 бирдик өз ордунда иштеп турган, анын ичинен:

– борбордук аппаратта – 158;

– Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмү боюнча – 29;

– Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмү боюнча – 16;

– Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмү боюнча – 31.

Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматкерлеринин сапаттык курамы:

– гендердик курамы боюнча: мамлекеттик кызматкерлердин 73,9 пайызын эркектер, 26,1 пайызын аялдар түзөт;

– билим деңгээли боюнча: бардык мамлекеттик кызматкерлер жогорку билимге ээ, алардын ичинен 34,1 пайызы эки же андан ашык билимге ээ. Эки мамлекеттик кызматчы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ;

– адистиги боюнча: экономика, бухгалтердик эсеп жана финансы – 79,1 пайыз, юридикалык – 5,5 пайыз, гуманитардык – 3,4 пайыз, жана башкалар – 12,0 пайыз;

– жашы боюнча: 28 жашка чейин – 0,4 пайыз; 29 жаштан 37 жашка чейин – 15,4 пайыз; 38 жаштан 46 жашка чейин – 30,3 пайыз; 47 жаштан 55 жашка чейин – 24,4 пайыз; 55 жаштан 64 жашка чейинки – 28,2 пайыз, 65 жаш – 1,3 пайыз.

Техникалык жана тейлөөчү персонал 80 бирдикти түзөт.

2025-жылы ээлеген кызмат ордунан 51 адам бошонгон, анын ичинен:

– өз каалоосу боюнча – 19 мамлекеттик кызматкер жана 6 техникалык жана кенже тейлөөчү персонал, Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмдөрүнүн 16 мамлекеттик кызматкери;

– Эсептөө палатасынын демилгеси менен 5 мамлекеттик кызматкер ээлеген кызматтарынан бошотулган;

– Эсептөө палатасынын аудиторунун кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда Жогорку Кеңештин токтомунун негизинде – 1 аудитор бошотулган;

– ыйгарым укугунун мөөнөтүнүн аяктаганы боюнча 1 аудитор.

Административдик мамлекеттик кызмат ордуна өткөрүлгөн ачык конкурстун жыйынтыгы боюнча, Эсептөө палатасынын мамлекеттик жарандык кызматынын кадрлар резервине 10 талапкер кирген.

36 кызматкер кызматка дайындалган (шайланган) жана 8 - техникалык жана кенже тейлөө персоналынын курамына кирген, анын ичинен:

– Эсептөө палатасынын аудитордук кызматына КР Жогорку Кеңеши тарабынан шайланган – 1;

– мамлекеттик органдар ортосунда ротациялоо тартиби боюнча – 2 мамлекеттик кызматкер;

– ачык конкурстун жыйынтыгы боюнча 19 мамлекеттик кызматкер, анын ичинен 7 – борбордук аппаратка жана 12 – аймактык бөлүмдөргө;

– Эсептөө палатасынын мамлекеттик жарандык кызматынын кадрлар резервинен 14 кызматкер, анын ичинен, борбордук аппаратка - 6 жана аймактык бөлүмдөргө – 8;

– техникалык жана кенже тейлөөчү персонал – 8.

Тартип жазасын колдонуу: 3 мамлекеттик кызматкерге “эскертүү” берилген; Эсептөө палатасынын 30 мамлекеттик кызматкерине “сөгүш” берилген; 4 кызматкер боюнча кызматтык иликтөө жүргүзүлгөн, алардын жыйынтыгы менен 2 мамлекеттик инспектор ээлеген кызматынан бошотулган, 2 мамлекеттик инспекторго “сөгүш” жана “эскертүү” берилген.

Окуу планына ылайык, Эсептөө палатасынын кызматкерлерин окутуу, кайрадан даярдоо жана квалификацияларын жогорулатуу боюнча иштерди уюштуруу

2025-жылы Эсептөө палатасы кызматкерлердин кесиптик потенциалын жогорулатуу саясатын туруктуу жүзөгө ашырды. Мамлекеттик аудит тармагындагы компетенцияларды өнүктүрүүгө, эл аралык стандарттарды киргизүүгө жана алдыңкы тажрыйба алмашууга өзгөчө көңүл бурулду. Окуу иш-чаралары ар кандай форматта – онлайн режиминде жана Кыргыз Республикасында жана анын чегинен тышкары жүзөгө ашырылды.

Онлайн-окуу

Отчеттук жылы кызматкерлер бир катар аралыктан окуу иш-чараларына катышышты. Атап айтканда, ECOSAI мүчөлөрү үчүн эл аралык натыйжалуулук аудитине жана МТ-аудитке онлайн-курс уюштурулду, ошондой эле катуу коммуналдык таштандыларды башкаруу аудитине виртуалдык семинар өткөрүлдү. Бул форматтар негизги иштен ажыратылбастан, актуалдуу билимдерге ыкчам жеткиликтүүлүктү камсыз кылды.

Кыргыз Республикасынын аймагындагы окуу

Өлкө ичинде окууга өзгөчө көңүл бөлүндү. Кызматкерлер КР Финансы министрлигинин Окуу борборунда мамлекеттик сатып алууларды башкаруу боюнча негизги курстан өтүштү, ошондой эле Дүйнөлүк банктын сатып алуу жол-жоболору боюнча эки күндүк тренингге катышышты.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу программалары КР Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген мамлекеттик буйрутма алкагында, Президенттин алдындагы Мамлекеттик башкаруу академиясында ишке ашырылып, 77 кызматкерди, анын ичинде аймактык бөлүмдөрдүн өкүлдөрүн камтыды.

Мындан тышкары, курулуш тармагындагы мамлекеттик инспекторлор үчүн, “Ресурс-индекстик калькуляциялоо (РИК)” программалык комплексте иштөө боюнча окуу уюштурулду. Борбордук аппараттын персоналдары үчүн техникалык окутуу өткөрүлүп, анда иш кагаздарын жүргүзүү, электрондук иш кагаздарын жүгүртүү “INFODOCS” системасы жана аудит документтерин даярдоого байланыштуу талаптар каралды.

Чет өлкөдө өткөн семинарлар жана тренингдер

Эл аралык кызматташтык жана тажрыйба алмашуу кадрдык потенциалды өнүктүрүүнүн маанилүү багыты бойдон кала берүүдө. Эсептөө палатасынын кызматкерлери чет өлкөлөрдө көптөгөн семинарларга, тренингдерге жана окуу боюнча иш сапарларга катышышты.

Азия жана Европа өлкөлөрүндө GSAI демилгеси алкагында, анын ичинде Өзбекстан Республикасында семинарлар жана Польша Республикасына окуу боюнча иш сапарлары өткөрүлдү. Иш-чаралар аудиттин санариптештирүү, методология, сапаттуу отчетторду даярдоо маселелерине багытталган.

Кызматкерлер ошондой эле Филиппиндер, Норвегия, Австрия, Корея Республикасы, Кытай Эл Республикасы, Сауд Арабия Падышалыгы жана башка өлкөлөрдө семинарларга жана окутуу программаларына катышышты. Иш-чаралардын тематикасы мамлекеттик карызды башкаруунун натыйжалуулугун баалоодон тартып, аудиттин потенциалын жогорулатууга жана мамлекеттик башкарууну өнүктүрүүгө чейинки кеңири багыттарды камтыды.

Мамлекеттик аудиттин эл аралык кесипкөй аянтчаларына катышууга өзгөчө көңүл бөлүндү: INTOSAI Конгресси, Шанхай Кызматташтык Уюмунун иш-чаралары, ошондой

эле “Россия – Ислам дүйнөсү: KazanForum” эл аралык экономикалык форуму.

Эки тараптуу кызматташтык алкагында Польша жана Монголия АЖО менен жолугушуулар уюштурулду, бул институционалдык байланыштарды бекемдөөгө жана практикалык тажрыйба алмашууга өбөлгө түздү.

Мындан тышкары, бир кызматкер Япониянын Эл аралык университетинде магистратура программасы боюнча окууда, бул - жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоодо системалуу мамилени тастыктап турат.

Жалпысынан, 2025-жылы жүзөгө ашырылган окуу иш-чаралары Эсептөө палатасынын кадрдык потенциалын күчөтүүгө, кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга жана мамлекеттик аудит органынын ишмердүүлүгүнө алдыңкы эл аралык практикаларды киргизүүгө мүмкүндүк берди. Окуунун форматтарын кеңейтүү жана эл аралык кызматташтыкты тереңдетүү менен, бул багыттагы иштерди улантуу пландалууда.

7.3. Эсептөө палатасынын ишин санариптештирүү

2025-жылы Эсептөө палатасынын маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү стратегиясында каралган иш-чараларды ишке ашыруу камсыздалды. Бул иш-чаралар маалыматтык технологиялар инфра түзүмүн жаңылоого, маалыматтык коопсуздукту чыңдоого, маалыматтык технологиялар тармагындагы институционалдык потенциалды өнүктүрүүгө жана Эсептөө палатасынын ишмердүүлүгүндө маалыматтык технологиялар боюнча аудит функциясын киргизүүгө багытталган.

Стратегияны ишке ашыруу Эсептөө палатасынын стратегиялык өнүгүү артыкчылыктарын, INTOSAI эл аралык стандарттарын жана аудиттин жогорку органдарындагы санариптик трансформациянын заманбап тенденцияларын эске алуу менен жүргүзүлдү.

Отчеттук мезгилде Эсептөө палатасы санариптештирүү багытында ишмердүүлүгүн төмөнкү негизги багыттар боюнча жүргүздү:

- маалыматтык системалардын техникалык инфра түзүмүн жаңылоо жана өнүктүрүү;
- Эсептөө палатасынын тармактык жана сервердик инфра түзүмүн чыңдоо;
- кызматкерлердин МТ-аудит жаатындагы кесиптик компетенцияларын жогорулатуу;
- маалыматтык технологиялар жана МТ-аудит тармагында эл аралык кызматташууну өнүктүрүү;
- МТ-аудит функциясын киргизүү үчүн методологиялык жана институционалдык негизди түзүү.

Бул иш-чараларды ишке ашыруу Эсептөө палатасынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга жана аудит ишмердүүлүгүндө санариптик аспаптарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган.

Тармактык инфра түзүмдү жаңылоо

2025-жылы маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу жана Эсептөө палатасынын корпоративдик тармагынын туруктуу иштешин камсыз кылуу максатында, тармактык инфра түзүмдү жаңылоо боюнча иштер жүргүзүлдү.

Бул багытта заманбап тармактык жабдуулар сатып алынды. Жабдуулар корпоративдик тармактарды коргоо боюнча заманбап талаптарга жооп берет.

Жабдууларды сатып алуу Сауд Арабиясынын өнүктүрүү фонду тарабынан колдоого алынып, Эсептөө палатасынын маалыматтык-коммуникациялык инфра түзүмүнүн техникалык базасын кескин күчөтүүгө мүмкүндүк берди.

Жаңы тармактык жабдууларды киргизүү төмөнкү натыйжаларга жетүүгө мүмкүнчүлүк берди:

- маалыматтык системаларды коргоо деңгээлин жогорулатуу;
- корпоративдик тармактын иштөөсүнүн туруктуулугун камсыз кылуу;
- тармактык ресурстарды башкаруу жана мониторинг жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
- санариптик инфра түзүмдү мындан ары өнүктүрүү үчүн техникалык негизди түзүү.

Сервердик инфра түзүмдү өнүктүрүү

Маалыматтык системалардын иштөөсүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана маалыматтарды иштеп чыгуу менен, сактоонун ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу максатында, 2025-жылы жаңы сервердик жабдуулар сатып алынып, пайдаланууга берилди.

Жаңы сервердик жабдууларды киргизүү төмөнкү натыйжаларды камсыз кылды:

- маалыматтык системалардын иштөөсүнүн өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу;
- маалыматтарды сактоо жана иштетүү ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу;
- маалыматтык сервистердин туруктуу иштешин камсыз кылуу;
- жаңы санариптик чечимдерди киргизүү үчүн технологиялык негиз түзүү.

Сервердик инфра түзүмдү жаңылоо, Эсептөө палатасынын маалыматтык системаларынын туруктуу иштешин камсыз кылууда маанилүү ролду ойнойт.

Эл аралык кызматташуу жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу

2025-жылы эл аралык GSAI демилгеси алкагында КР Эсептөө палатасынын, INTOSAI IDI жана Польша Республикасынын Жогорку аудит органы менен санариптештирүү жана маалыматтык технологияларга аудит жүргүзүү жаатында кызматташтыгы улантылды.

Бул кызматташтык Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин МТ-аудит жаатындагы потенциалын өнүктүрүүгө жана эл аралык тажрыйбаларды өздөштүрүүгө багытталган. Эсептөө палатасы Польша Республикасынын Жогорку аудит органы менен тыгыз кызматташып, төмөнкүлөр менен таанышуу максатында иш жүргүздү:

- МТ бөлүмдөрүнүн уюштуруу түзүмү;
- маалыматтык технологияларга аудит жүргүзүү ыкмалары;
- маалыматтык системаларга аудит жүргүзүүдө колдонулган аспаптар.

2025-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында Эсептөө палатасынын кызматкерлери үчүн окуу иш-чаралары уюштурулду, анын ичинде МТ-аудит тармагындагы компетенцияларды өнүктүрүүгө арналган семинар жана маалыматтык системалар, аудит жүргүзүү боюнча эл аралык методологияларды колдонууга багытталган атайын тренинг өткөрүлдү.

Бул иш-чаралар кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга жана

Эсептөө палатасына МТ-аудит практикасын киргизүүгө жардам берет.

МТ-аудит жүргүзүү боюнча методологиялык негизди иштеп чыгуу

Эсептөө палатасынын санариптик өнүгүүсүнүн маанилүү багыттарынын бири, маалыматтык технологиялар боюнча аудит функциясын киргизүү болуп саналат.

Ушуга байланыштуу, 2025-жылы КР Эсептөө палатасында МТ-аудит жүргүзүү боюнча колдонмону иштеп чыгуу иши башталды.

Бул документ төмөнкү максаттарды көздөйт:

- маалыматтык технологияларга аудит жүргүзүүнүн институционалдык негизин түзүү;
- INTOSAI эл аралык стандарттарын жана мыкты тажрыйбаларын колдонуу;
- маалыматтык системаларга аудит жүргүзүү боюнча бирдиктүү методологияны иштеп чыгуу.

Ишелип жаткан колдонмо келечекте пилоттук МТ-аудиттерди жүргүзүүгө жана бул багытты андан ары өнүктүрүүгө негиз болот.

Отчеттук мезгилде Эсептөө палатасы тарабынан маалыматтык технологиялар инфра түзүмүн модернизациялоого, маалыматтык коопсуздукту чыңдоого, кадрдык потенциалды өнүктүрүүгө жана МТ-аудит функциясын киргизүүгө багытталган иш-чаралар ишке ашырылды.

Жүргүзүлгөн иштер Эсептөө палатасынын ишмердүүлүгүндө маалыматтык технологияларды колдонуу натыйжалуулугун жогорулатууга жана аудит процесстеринде санариптик аспаптарды кеңири колдонууга өбөлгө болот.

Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу иштери мындан ары да улантылат.

7.4. Каржы-чарбалык камсыздоо

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын каржылык иши КР Бюджеттик кодексине жана мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча укуктук ченемдик актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

7-таблица. 2025-жылга чыгымдар сметасынын аткарылышы (млн сомдо)

Көрсөткүчтөрдүн аталышы	2025-жылга бекитилген смета	2025-жылга такталган смета	Кассалык чыгымдар
Бюджет*	456,0	450,8	429,0
Фонд**	68,2	227,1	225,6
Бардыгы:	**524,2**	**677,9**	**654,6**

** Эсептөө палатасын камсыздоого республикалык бюджеттен каржылоо;*

*** Материалдык-техникалык базаны чыңдоо, кызматкерлердин жигерин жогорулатуу жана аудиторлук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү фондун каржылоо.*

Материалдык-техникалык базаны бекемдөө, кызматкерлердин потенциалын жогорулатуу жана Эсептөө палатасынын аудиторлук ишмердүүлүгүнүн жогорку көрсөткүчтөрүн стимулдаштыруу максатында Эсептөө палатасынын фонду түзүлгөн.

Эсептөө палатасына эл аралык Жогорку аудит органдары уюмдарынын мүчөлүгү

алкагында COVID-19 менен күрөшүү максатында, техникалык колдоо көрсөтүү үчүн Сауд Арабия фонду тарабынан гранттык жардам бөлүнгөн: 29 955 АКШ доллары же 2 656,4 миң сом, ал эми 2024-жылдан калган каражаттар 2 804,5 миң сомду түзүп, атайын эсепте топтолгон. 2025-жылы негизги каражаттарды (тармактык жабдуулар) алуу үчүн 2 803,3 миң сом сарпталган.

Отчеттук мезгилде товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алуу “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, электрондук портал аркылуу жүргүзүлгөн. Жалпысынан 83 конкурс өткөрүлгөн, анын ичинде борбордук аппаратта 31 жана аймактык бөлүмдөрдө 52 конкурс.

Корутунду

2025-жылы Эсептөө палатасы, мамлекеттик жана башка ресурстарды пайдаланууга тышкы мамлекеттик аудит жана көзөмөл жүргүзүү боюнча жүктөлгөн конституциялык ыйгарым укуктарды ырааттуу түрдө ишке ашырууну улантты.

Эсептөө палатасынын ишмердүүлүгү мамлекеттик финансыны башкаруу чөйрөсүндө мыйзамдуулукту, ачык-айкындуулукту, натыйжалуулукту жана отчеттуулукту камсыздоого, аудит ишин өркүндөтүүгө, эл аралык аудит стандарттарын киргизүүгө, санариптештирүүнү өнүктүрүүгө жана коомдун мамлекеттик көзөмөл институттарына болгон ишенимин жогорулатууга багытталды.

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы 98 аудитордук иш-чара жүргүзүп, 1 636 аудит субъектилери аудитке камтылган. Жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында финансылык тартип бузуулар аныкталып, 21 414,9 млн сом кайтарылууга тийиш деп аныкталып, анын ичинен 13 406,4 млн сом калыбына келтирилип, өндүрүлгөн. Ошону менен бирге, бюджеттерди толтуруунун кошумча булактары (бюджеттик резервдер) 93 614,8 млн сом суммасында аныкталган, мамлекеттик ресурстарды максатсыз жана натыйжасыз пайдалануу фактылары 29 630,9 млн сом суммасында белгиленген.

2025-жылы натыйжалуулук аудитин өнүктүрүүгө, МТ-аудитин киргизүүгө, методологиялык базаны өркүндөтүүгө жана кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулду. Эл аралык кызматташтык алкагында чет өлкөлөрдүн Жогорку аудит органдары жана эл аралык уюмдар менен иш улантылып, мамлекеттик аудиттин заманбап ыкмаларын жана мыкты практикаларын киргизүүгө өбөлгө түзүлдү.

2026-жылы Эсептөө палатасынын 2022-2026-жылдарга карата стратегиялык өнүгүү планы аяктайт. Ушуга байланыштуу, SAI PMF методологиясынын алкагында, Эсептөө палатасынын ишмердүүлүгүнө көз карандысыз баа берүүнү жүргүзүү пландалууда. Бул баалоонун жыйынтыктары, институтту андан ары өнүктүрүү багыттарын аныктоого жана кийинки мезгилге жаңы стратегияны иштеп чыгууга негиз болот.

Мындан ары, Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин сапатын жогорулатуу, көзөмөлдүн санариптик аспаптарын өнүктүрүү, аудиттин аналитикалык компонентин күчөтүү, бузууларды алдын алуу системасын өркүндөтүү жана мамлекеттик ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу багытында ишин улантат.

Бул чараларды ишке ашыруу, финансылык тартипти бекемдөөгө, мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга жана Кыргыз Республикасынын туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыздоого жардам берет.

Кыскартуулардын тизмеси:

ASOSAI –Жогорку аудит органдарынын Азиялык уюму (Asian Organization of Supreme Audit Institutions)
ECOSAI – Экономикалык өз ара жардамдашкан өлкөлөрдүн жогорку контролдоо органдарын уюштуруу (Economic Cooperation Organization of Supreme Audit Institutions)
GSAI – Каржылык көзөмөлдүн жогорку органдарынын глобалдык отчеттуулук демилгеси(Global SAI Accountability Initiative)
IDI – ИНТОСАИ өнүктүрүү демилгеси (INTOSAI Development Initiative)
INTOSAI – Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюму (International Organization of Supreme Audit Institutions)
ISSAI – Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттары (International Standards of Supreme Audit Institutions)
KfW – Германия мамлекеттик банкы (Kreditanstalt für Wiederaufbau)
pICTure – маалыматтык-коммуникациялык технологиялар башкаруусун пландоо жана ишке ашыруу (Planning and Implementing ICT Governance for SAI)
SAI PMF – Жогорку аудит органдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоонун эл аралык түзүмү (Supreme Audit Institutions Performance Measurement Framework)
SECO – Швейцариянын Экономикалык маселелер боюнча мамлекеттик катчылыгы (State Secretariat for Economic Affairs)
ААК – Ачык акционердик коом
АЖО – Аудиттин жогорку органы
ЕАЭБ – Евразиялык экономикалык биримдиги
ЖАК – Жабык акционердик коом
ЖМК – Жалпыга маалымдоо каражаттары
ЖЭБ – Жылуулук электр борбору
ККМ – Контролдук-кассалык машиналар
КМШ – Көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги
КНС – Кошумча нарк салыгы
КР – Кыргыз Республикасы
МИ – Мамлекеттик ишкана
МИП – Мамлекеттик инвестициялык программа
МТ – Маалыматтык технологиялар
МТПФ – Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд
ММК – Милдеттүү медициналык камсыздоо
РБ – Республикалык бюджет
РИК – Ресурс-индекстик калькуляциялоо
ПККЖКДРИ– Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинине караштуу Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту
ТМБ – товардык-материалдык баалуулуктар
ТҮРКСАИ – Түрк мамлекеттеринин Жогорку аудит органдарынын уюму
ТЭН – техникалык-экономикалык негиздеме
ФМ – Финансы министрлиги
ФОЭАС– Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары
ЧОИ – Чакан жана орто ишкердик
ШКУ – Шанхай кызматташтык уюму